# 2017-жылдын 1-январынан тартып 2017-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин Отчету

**Аудитти жүргүзүү үчүн негиз:** Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2018-жылга аудитордук иш планы.

**Аудиттин объекттери:** Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жана анын түзүмдүк бөлүмдөрү.

**Аудиттин мезгили:** 2017-жылдын 1-январынан баштап 2017-жылдын 31-декабрына чейин.

**Аудиттин максаты:** Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун (мындан ары: Соцфонд) бюджетинин аткарылышына аудит.

**Аудиттелген мезгилге карата каржылоону бөлүштүрүүчүлөр болуп төмөндөгүлөр эсептелген:**

-биринчи кол коюу укугу менен Соцфонддун төрагасы - Абжапаров Т.Ж.; төраганын биринчи орун басары - Ирсалиев М.Э.; төраганын орун басарлары - Асанов У.Ж.; Джуматаева Г.М.; аппарат жетекчиси - Ишеналиев Б.А.

- экинчи кол коюу укугу менен аудиттин бардык мезгили үчүн Соцфондунун Финансы башкармалыгынын башчысы Рыскулов Т.А.

## Мурдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча Эсептөө палатасынын жазма буйругунун аткарылышы

Соцфондунун 2016-жылга бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча Түп РСФБдө жер участокторунун ээлерин-төлөөчүлөрдү жетишсиз эсепке алынышынын натыйжасында - 164,1 миң сом (Түп РСФБ боюнча аудит жүргүзүлгөн учурда өндүрүлбөгөн сумманын калдыгы 146,3 миң сомду түздү) камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүшүнөн табылган резервдери боюнча тийиштүү иштерди жүргүзүү боюнча 3.1-пунктча жарым жартылай аткарылды.

2015-жылга Соцфонддун бюджетинин аткарылышынын аудиттин жыйынтыгы боюнча жазма буйругунун 2-пунктунун 6-пунктчасынын төмөнкү бөлүгү аткарылган жок:

- балантстык наркы 30,5 миң сом Ысык-Ата РСФБ балансына таандык административдик имарат боюнча маселени чечүү боюнча чараларды көрүү.

2-пункттун 4-пунктчасынын программалык камсыздоону иштеп чыгууну, иштешин жана маалыматтарды «Eleed» МСБ электрондук базасына киргизүүнү аяктоо бөлүгү аткарууда.

## Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун ишинин кыскача мүнөздөмөсү

Соцфонд мамлекеттик бюджеттен тышкары фонд жана мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жана пенсиялык камсыздоо системасынын негизги аткаруучу органы болуп эсептелет. Соцфонду социалдык

камсыздандыруунун өз алдынча башкаруу принциптеринде иштейт жана мамлекеттик социалдык камсыздандыруунун финансысын башкарат, каражаттарды жыйнайт жана топтойт, пенсияларды, жөлөкпулдарды жана компенсацияларды дайындайт, кайра эсептейт жана төлөп берет.

Соцфонд өз ишин Кыргыз Республикасынын Конституциясына, «Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жөнүндө», «Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жөнүндө», «тийиштүү жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына жана башка Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык жүзөгө ашырат.

Соцфонддун каражаттары иш берүүчүлөрдүн, иштеп жаткан жарандардын камсыздандыруу төгүмдөрүнүн, республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын, туумдардын жана айыптардын, Соцфондго таандык ишканалардын акциялары боюнча дивиденддерден, бош каражаттарды жайгаштыруудан алынган кирешелерден жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка кирешелерден түзүлөт.

Соцфонддун каражаттары пенсияларды, сөөк коюуга жөлөкпулдарды, эмгектик мертинүү же кесиптик оорулар боюнча компенсацияларды төлөөгө, Соцфонддун утурумдук ишин финансылык жана материалдык-техникалык камсыздоого, Резервдик фондду түзүүгө, Соцфонддун өнүктүрүү фондун уюштурууга жумшалат.

## Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетинин түзүлүшүнө жана өзгөртүүлөрдүн киргизилишине аудит

«Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2017-жылга бюджети жана 2018-2019-жылдарга божомолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Соцфонддун бюджети кирешелер боюнча 45937501,1 миң сом жана чыгашалар боюнча 45935664,0 миң сом суммасында, 1837,1 миң сом профицит менен бекитилген.

Соцфонддун 2017-жылга такталган бюджети кирешелер боюнча 48144991,4 миң сом суммасында, же бекитилген бюджеттен 2207490,3 миң сомго көп түзүлгөн.

2017-жылга такталган камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүшү 28004359,5 миң сом суммасында, же бекитилген бюджетке салыштырмалуу 1266425,9 миң сомго көп белгиленген.

### Камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча бюджеттин аткарылышы

*(млн. сом)*

| Категориялар | Бекит. бюджет | Такталган бюджет | Анык. түшкөнү | % аткарылганы |
|---|---|---|---|---|
| Чарба жүргүзүүчү субъекттер | 16641,8 | 15849,7 | 16254,6 | 102,5 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Бюджеттик уюмдар | 9083,6 | 11085,7 | 11343,8 | 102,3 |
| Айыл чарба сектору | 337,2 | 337,2 | 402,0 | 119,2 |
| ЖИ | 675,3 | 731,8 | 739,2 | 101,0 |
| Жыйынтыгы: | 26737,9 | 28004,4 | 28739,6 | |

Келтирилген таблицада көрүнүп тургандай, бюджетти тактоодо чарба жүргүзүүчү субъекттер боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүшү боюнча чыгымдар 792,1 млн. сомго азайган, ошол эле маалда бюджеттик уюмдардан түшкөн каражаттардын планы 2002,1 миң сомго көбөйгөн.

Республикалык бюджеттин бөлүнгөн каражаттардын түшүшүнүн такталган суммасы республикалык бюджеттин 2017-жылдын башындагы Соцфондго карыздарын эске алганда 17560055,2 миң сомду түздү, же 38083,4 миң сомго көп.

2017-жылга башка кирешелердин түшүшү 192443,7 миң сом суммасында, же бекитилген бюджеттен 14848,0 миң сомго көп такталды.

Башка кирешелердин көбөйүшү ишканалардын акциялары боюнча дивиденддердин, камсыздандыруу төгүмдөрүн кечиктирип жана толук эмес которулгандыгы үчүн эсептелген туумдар жана айыптардын, убактылуу бош акча каражаттарын жайгаштыруунун эсебинен белгиленген.

Соцфондунун бюджетинин чыгымдары 2017-жылга 46488988,3 миң сом суммасында такталган, бул бекитилген бюджеттен 553324,3 миң сомго көп.

Пенсияларды төлөп берүү боюнча такталган чыгымдар, электр энергиясы үчүн компенсацияларды эске алганда 38703148,2 миң сомду түздү, же бекитилген бюджеттен 511676,9 миң сомго көп. Чыгымдардын өсүшү «2017-жылдын 1-октябрынан тартып пенсиянын базалык бөлүгүнүн өлчөмүн белгилөө жөнүндө» 2017-жылдын 18-августундагы № 491 жана «2017-жылдын 1-октябрынан тартып пенсиянын камсыздандыруу бөлүктөрүн индексациялоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 18-августундагы № 492 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдоруна ылайык пенсиялардын жогорулашына байланыштуу.

Аскер кызматкерлерин камсыздандыруу боюнча, бир жолку жөлөкпулдарга чыгымдарды Соцфонддун бюджетинин 2017-жылдын 7 айынын аткарылышын эске алып, 14823,9 миң сомго азайтылып такталган.

Ошентип, 2017-жылга Соцфонддун бюджети 1656003,1 миң сом профицит чегинде, кирешелер боюнча 48144991,4 миң сомго жана чыгашалар боюнча 46488988,3 миң сомго такталган. Бюджет кирешелер боюнча 2207490,3 миң сомго жана чыгашалар боюнча 553324,3 миң сомго көбөйүп такталган.

**Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2017-жылга бюджетинин аткарылышынын аудити**

2017-жылы Соцфонддун жалпы кирешелери, жыл башындагы калдыкты эске алганда 48911956,0 миң сомду түздү, анын ичинде:

- камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүшү - 28739648,4 миң сом;

-республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын түшүшү - 17560055,2 миң сом;

- башка түшүүлөр боюнча кирешелер - 224119,4 миң сом.

2017-жылы Соцфонддун жалпы чыгымдары 46462637,7 миң сомду түздү, анын ичинде:

- Пенсиялык фонддун чыгымдары – 42558420,6 миң сом, анын ичинде:

- электр энергиясы үчүн компенсацияларды кошуп эсептегенде пенсиялар – 38635806,5 миң сом;
- аскер кызматчыларынын пенсиялары – 2305714,7 тыс. сомов;
- аскер кызматчыларын камсыздандыруу учуру боюнча бир жолку жөлөкпулдар 17536,5 миң сом;
- сөөк коюуга жөлөкпул 317569,5 миң сом;
- пенсияларды жана жөлөкпулдарды дайындоо жана жеткирүү чыгымдары – 350537,6 миң сом;
- эсептерин тейлөө чыгымдары – 7863,7 миң сом;
- жекече эсепке алуу боюнча – 2945,0 миң сом;
- Администртивдик башкарууга чыгымдар – 707518,0 миң сом;
- резервдик фонд –5461,0 миң сом;
- өнүктүрүү фонду – 40360,8 миң сом;
- мүчөлүк акыларды төлөө – 5328,7 миң сом;
- ММК фондунун карыздарын жоюуга - 150495,7 миң сом;
- ЭДЧ фондунун карыздарын жоюуга - 11282,9 миң сом.

- ММК фондунун чыгымдары – 2167451,6 миң сом;
- Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондунун чыгымдары – 255237,9 миң сом;
- Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун чыгымдары -1481527,6 миң сом.

2017-жылдын жыйынтыгы боюнча Соцфонддун бюджетинин каражаттарынын калдыгы (профицити) 2449318,3 миң сомду түздү.

**Жылдар боюнча Социалдык фонддун бюджети**

(млн. сом)




**2017-жылы булактар боюнча Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетинин аткарылышы**

2017-жылы Соцфонддун жалпы кирешелери, жыл башындагы калдыкты эске алганда 48911956,0 миң сомду түздү, бул тактalган бюджетке салыштырмалуу 766964,5 миң сомго көп, же 101,6 пайызга аткарылды. Анын ичинде:

- камсыздандыруу төгүмдөрү пландагы 28004359,5 миң сомдун ордуна 28739648,4 миң сом суммасында түштү, же пландын аткарылышы 102,6 пайызды түздү. 2016-жылга салыштырмалуу түшүү 2181285,0 миң сомго, же 108,2 пайызга көбөйдү.

*Камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүүсү*

(млн. сом)




2017-жылы камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүүсүнө талдоо камсыздандыруу төгүмдөрүнүн негизги үлүшү чарбалык субъекттерден

16254520,1 миң сом суммасында же түшкөн төгүмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 56,5%, бюджеттик уюмдардан 11343860,5 же 39,5%, уюшпаган сектордон 1141267,8 миң сом же түшкөн төгүмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 3,8% түшкөнүн көрсөттү.

*Республиканын региондору боюнча 2017-жылы камсыздандыруу төгүмдөрүнүн жыйналышы*

(млн. сом)




Жалпы түшкөн төгүмдөрдүн 50 % өлчөмүндө камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүүсүнүн негизги үлүшү Бишкек ш., андан соң Чүй облусуна 12%, Жалал-Абад облусуна - 11%, Ош облусуна - 6% жана башка облустарга туура келет.

2017-жылдын жыйынтыгы боюнча республиканын бюджеттик уюмдары тарабынан камсыздандыруу төгүмдөрү жалпы суммасы **131617,4 миң сомго**, алардын ичинен республикалык бюджеттин бюджеттик уюмдарынын эсебинен **100377,1 миң сомго**, жергиликтүү бюджеттерден **31240,4 миң сомго** ашыкча төлөнгөнүн белгилей кетүү зарыл**.**

Райондор жана шаарлар боюнча Соцфонддун бюджетинин киреше бөлүгүнүн аткарылышынын аудити менен Соцфонддун айрым райондук башкармалыктарында кирешелер боюнча белгиленген план бюджеттик уюмдардын камсыздандыруу төгүмдөрүн ашыкча төлөгөнүнүн эсебинен аткарылган.

Мисалы, Жайыл району боюнча кирешелер боюнча план 100 %га аткарылган, мында 1,6 млн. сом ашыкча төлөмдү эске албаганда план 99,9%га аткарылган, Тоң району боюнча кирешелер боюнча план 100 %га аткарылган, 1,2 млн. сом ашыкча төлөмдү эске албаганда, 99,3%га, Баткен району боюнча 101 %га аткарылган, 3,0 млн. сом ашыкча төлөмдү эске албаганда 99,6%га, Тогуз-Торо району боюнча план 100 %га аткарылган жана 1,0 млн. сом ашыкча төлөмдү эске албаганда 99,6%га аткарылган.

Ошентип, бюджеттик мекемелер Бюджеттик кодекстин 106-беренесинин 10-пунктун бузуп тиешелүү бюджеттердин эсебине которууга тийиш болгон жыл аягында пайдаланылбаган бюджеттик каражаттардын калдыктары ашыкча төлөм түрүндө Соцфонддун райондук башкармалыктарынын эсебине которулган.

Жалпысынан 2017-жылдын жыйынтыгы боюнча бюджеттик уюмдардын эсебинен такталган пландагы 11085700,0 миң сомдон 11343860,5 миң сом түшкөн же план 102,3%га аткарылган. Бюджеттик уюмдар боюнча түшкөн каражаттардын өсүшүнүн темпи 2015-жылы 2014-жылга 10,9%, 2016-жылы - 2015-жылга 16,4% түздү.

2017-жылга бюджеттик мекемелерден камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүүсү 9083600,0 миң сом суммасында бекитилген, 2016-жылдын жыйынтыгы боюнча бюджеттик уюмдардын эсебинен түшүүсү 10575682,0 миң сомду түздү, 2017-жылга бекитилген көрсөткүчүнүн мурунку жылдагы анык суммадан четтөөсү 1492082,0 миң сомду түзгөн же бекитилген план 14 пайыздык пунктка төмөндөгөн.

Ошентип, бюджеттик уюмдар боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүүсүн болжолдоодо түшкөн каражаттардын 2015-жылы 10 % тартып 2016-жылы 16 % чейин ар жылдык өсүшү эске алынган эмес.

2017-жылы Соцфонд тарабынан туумдардан жана айыптардан, Соцфонддун эсептериндеги күнүмдүк калдыктарга пайыздар боюнча дивиденддерден жана башка булактардан 224119,4 миң сом киреше алынган.

Соцфонддун маалыматтары боюнча башка түшкөн каражаттар боюнча киреше бөлүгү түшкөн каражаттардын ар бир түрү боюнча өсүш темпин эске алып өткөн жылдагы анык түшкөн каражаттардан улам түзүлөөрү белгиленген. Бирок, аудит тарабынан 2017-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетин түзүүдө 5025,0 миң сомго башка төлөмдөрдөн болжолдогон түшүүлөр эске алынбаганы аныкталды. Мисалы, 2016-жылы камсыздандыруу төгүмдөрүн кечиктирип же толук эмес которулгандыгы үчүн эсептелген туумдардын, айыптардын 43025,0 миң сом суммасында түшүшүндө, бюджетти тактаганда бул сумма 38000,0 миң сомду түздү. Иш жүзүндө 48121,6 миң сом түшкөн же болжолдуу көрсөткүчтөр тактоодо 2016-жылга салыштырмалуу 5025,0 миң сомго азайган.

Ошондой эле ишканалардын акциялары боюнча дивиденддерден түшкөн каражаттар 40532,0 миң сомду түздү, 2017-жылга Соцфонддун бюджетинде 26000,0 миң сомго бекитилген же бюджетти бекитүүдө болжолдуу көрсөткүчтөр өткөн жылдык көрсөткүчтөрүнө салыштырмалуу 14532,0 миң сомго азайган, иш жүзүндө 2017-жылы 49489,0 миң сом түшкөн. 2017-жылдын ичинде такталган план 49647,7 миң сомду түздү же болжол 158,7 миң сомго аткарылган эмес.

Ошентип 2017-жылы бюджеттин аткарылышынын жыйынтыгы боюнча Соцфонддун бюджетинин профицити 2449318,3 миң сомду түздү.

### *Пенсиялык камсыздоонун 2017-жылдагы негизги көрсөткүчтөрү*

2017-жылдын жыйынтыгы боюнча пенсиянын орточо өлчөмү 334 сомго өстү жана 5412 сомду түздү, пенсиянын орточо өлчөмүнүн пенсионерлердин жашоо минимумуна катышы 123,2% түздү.

*Орточо пенсиянын пенсионердин жашоо минимумуна катышы*




Жалпысынан курагы боюнча пенсия алган пенсионерлердин саны 477,2 миң адамды түзөт жана жалпы санынан үлүшү 75,3%, майыптыгы боюнча пенсия алгандар – 113,9 миң адам (18%), баккан адамынан айрылгандыгы боюнча пенсия – 41,3 миң адам (6,5%) жана пенсионер-аскер кызматчылары жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү – 1,5 миң адам (0,2%).

2017-жылы пенсия дайындалган (жаңы дайындоолор) пенсионерлердин саны 43,9 миң адамды түздү, анын ичинде курагы боюнча 74,3%, майыптыгы боюнча 18,5%, баккан адамынан айрылгандыгы боюнча 7,2%.

## Кыргыз Республикасынын пенсиялык камсыздоо системасын өнүктүрүү концепциясынын ишке ашырылышы

Пенсиялык камсыздоо системасын андан ары өнүктүрүү жана өркүндөтүү максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 24 ноябрындагы № 670 токтому менен «Кыргыз Республикасынын пенсиялык камсыздоо системасын өнүктүрүү концепциясы» бекитилген.

Негизги максаты пенсиялык камсыздоодо иш берүүчү жана кызматкер үчүн кызыкчылыкты жана жоопкерчиликти туудурган механизмдерди камтыган финансылык туруктуу пенсиялык камсыздандыруу системасын түзүү аркылуу пенсионерлердин турмуш деңгээлин колдоо, алардын албай калган эмгек акысынын бир бөлүгүн компенсациялоо болуп саналат

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомуна ылайык ишке ашыруу мөөнөтү 2014-2017-жылдарга белгиленген. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «2014-жылдын 24-ноябрындагы № 670 «Кыргыз Республикасынын пенсиялык камсыздоо системасын өнүктүрүү концепциясын бекитүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» 2017-жылдын 2-февралындагы № 55 жана 2017-жылдын 15-майындагы №272 токтомдоруна ылайык Кыргыз Республикасынын пенсиялык

камсыздоо системасын өнүктүрүү концепциясын ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын планынын 22, 26 жана 27-пункттарын ишке ашыруу мөөнөттөрү 2018-жылга которулган.

Соцфонд тарабынан иш жүзүндө 33 иш-чарадан 28 иш-чара ишке ашырылды, 2 иш-чара күчүн жоготту деп таанылды, 3 иш-чаранын аткаруу мөөнөтү (22,26,27-пункттар) 2018-жылга которулган.

Аталган Концепциянын алкагында пенсиялык камсыздоого республикалык бюджеттин чыгымдарын оптимизациялоо жана стабилдештирүү боюнча чаралар каралган. Чаралардын комплекси республикалык бюджеттин чыгымдарын 2017-жылы 1,5 млрд. сомго, жана 2020-жылы 8,7 млрд. сомго кыскартууга мүмкүндүк бериш керек.

## Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна республикалык бюджеттен трансферттер

2017-жылы республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын түшүшү 2016-жылын аягындагы 38 083,4 миң сом өлчөмүндөгү карыздардын жоюлушун эске алганда 17 560 055,2 миң сомду түздү.

Иш жүзүндө 2017-жылы жеткирүүнү эске алганда бюджеттин эсебинен 17 871 050,9 миң сом пенсия жана жөлөкпулдар төлөндү.

2018-жылдын 1-январына карата республикалык бюджеттин Соцфондго карызы 349 079,1 миң сомду түздү.

| | 2016-ж. | 2017-ж. (жеткирүүнү эске алганда) (миң сом) | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Калдык | бек. бюджет | такт. бюджет | анык. төлөм | калдык |
| Пенсиянын базалык бөлүгү | -62298,2 | 9 412 481,2 | 9 673 937,6 | 9 963 651,5 | -352 012,2 |
| Электр энергиясы үчүн компенсация | -12815,8 | 1 784 782,7 | 1 833 237,4 | 1 831 270,0 | -10 848,3 |
| Аскер кызматчыларынын пенсиялары | 10343,5 | 2 312 680,2 | 2 302 233,3 | 2 328 959,9 | -16 383,1 |
| Аскер кызматчыларын мамлекеттик жеке камсыздандыруу | 16061,7 | 40 000,0 | 9 114,4 | 17 711,9 | 7 464,2 |
| Пенсияларга кошумча акылар (а.и. судьяларга) | -4916,6 | 627 620,1 | 600 510,1 | 595 780,3 | -186,8 |
| Сиңирген өзгөчө эмгеги үчүн кошумча акылар | -9496,7 | 217 673,5 | 243 810,3 | 231 101,1 | 3 212,5 |
| Бийик тоолуу шарттарда иштегендиги үчүн пенсиялар | 5001,4 | 1 278 539,4 | 1 209 997,2 | 1 213 978,4 | 1 020,2 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Алыскы жана баруууга кыйын райондордо иштегендиги үчүн пенсиялар | -5075,2 | 170 298,1 | 175 123,4 | 172 911,8 | -2 863,5 |
| Көп балалуу энелердин жана бала кезинен майыптардын энелеринин пенсиялары | 18791,1 | 1 621 636,0 | 1 471 464,3 | 1 467 291,4 | 22 963,9 |
| № 2 тизме боюнча пенсиялар жана эмгектик мертинүү, PESAC боюнча компенсациялар | 3072,2 | 44 273,0 | 31 123,6 | 37 269,8 | -3 074,0 |
| ЧАЭС катышуучуларына жана майыптарына компенсация | 3415,2 | 2 488,9 | 1 243,9 | 3 037,0 | 1 622,0 |
| «КАЖ УАИ» ААК учуучу жана учуучу сыноочу курамынын кызматкерлерине эмгектин өзгөчө шарттары үчүн пенсиялар | -165,9 | 9 498,8 | 8 259,8 | 8 087,9 | 6,0 |
| **Бардыгы** | **-38083,4** | **17 521 971,8** | **17 560 055,2** | **17 871 050,9** | **-349 079,1** |

## Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду менен эсептөөлөр

«Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2017-жылга бюджети жана 2018-2019-жылдарга божомолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2017-жылдын 1-мартындагы № 39 редакциясына ылайык Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду боюнча такталган пландык параметрлери кирешелер жана чыгашалар боюнча 2 167 451,6 миң сомду түздү.

2017-жылдын 1-январына карата Соцфонддун Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна карызы 214 737,1 миң сомду түзгөн.

2017-жылы Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна 2128 401,6 миң сом камсыздандыруу төгүмдөрү жыйналган.

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна которула турган сумма 2 064 549,6 миң сомду түздү же камсыздандыруу төгүмдөрүн жыйноо боюнча ушул Фондго болгон милдеттемелерди аткаруу боюнча кызматтардын ордун толтуруу эсебине 63852,0 миң сом кармалган.

Иш жүзүндө Соцфонд тарабынан Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна 2 167 451,6 миң сом которулган, анын ичинде 150 495,7 миң сом карыз.

2018-жылдын 1-январына карата Соцфонддун Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна карызы 111 835,1 миң сомду түздү.

## Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду менен эсептөөлөр

«Кыргыз Республикасынын Соцфондунун 2017-жылга бюджети жана 2018-2019-жылдарга божомолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2017-жылдын 1-мартындагы № 39 редакциясына ылайык эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду боюнча такталган пландык параметрлер кирешелер жана чыгашалар боюнча 255 237,9 миң сомду түздү.

2017-жылы эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондуна 260 397,9 миң сом камсыздандыруу төгүмдөрү жыйналды.

Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондуна которула турган сумма 252 586,0 миң сомду түздү, же 7811,9 миң сом камсыздандыруу төгүмдөрүн жыйноо боюнча аталган фондго милдеттенмелерди аткаруу боюнча кызматтардын ордун толтуруу эсебине кармалды.

Иш жүзүндө Соцфонд тарабынан 2017-жылы 255 237,9 миң сом которулган, анын ичинде 11 282,9 миң сом карыз. 2018-жылдын 1-январына карата Соцфонддун эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондуна карызы 18 359,6 миң сомду түздү .

## Камсыздандыруу төгүмдөрү жана финансылык санкциялар боюнча карыздардын түзүлүшүнө аудит

2017-жылдын 1-январына карата камсыздандыруу төлөмдөрү боюнча карыздар 3597714,4 млн.сомду түздү анын ичинде камсыздандыруу төгүмдөрү 3144100,6 миң сом жана финансылык санкциялар - 453613,8 миң сом.

Жыл аягында жалпы карыз 3486284,3 миң сомду түздү, анын ичинде камсыздандыруу төгүмдөрү 3080358,3 миң сом жана финансылык санкциялар - 405926,0 миң сом.

Ошентип карыздардын жалпы суммасы жыл башына салыштырмалуу 111430,1 миң сомго азайган, анын ичинде камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча 63742,3 миң сомго жана финансылык санкциялар боюнча 47687,8 миң сомго азайган.

2018-жылдын 1-январына карата карыздардын суммасында өнбөс карыздар - 367064,8 миң сомду, банкроттор – 298432,6 миң сомду, пролонгациялар (мөөнөтүн жылдыруулар) – 12555,5 миң сомду, өндүрүүгө боло турган карыздар – 3227994,6 миң сомду түзөт, финсанкцияларды жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун токтому менен өндүрүүгө баш тартылган 16979,3 миң сом эске алганда.

2018-жылдын 1-январына карата финсанкцияларды эске алып өндүрүлө турган камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карыздар 3 227 994,6 миң сомду түздү.

Камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча бир кыйла ири суммадагы өнбөс карыздары бар карызкорлор төмөнкүлөр:

- жоюлган жана өзүн өзү жойгон ишканалардын ичинде – *Чүй облусу боюнча* «Достук» БИ - 621,2 миң сом; *Ош ш. боюнча:* «Южводстрой» - 746,7 миң сом; *Ош облусу боюнча:* «Сельком Юнусова» - 855,6 миң сом, «Астара Дюбек» - 610,9 миң сом «Таширова» ДЧ - 789,9 миң сом, *Жалал-Абад облусу:*

«Департамент ЖКХ» - 1307,9 миң сом, «Ак-Башат» МБИ - 669,1 миң сом, «Кызыл-Жар» совхозу - 1157,1 миң сом; *Баткен облусу боюнча:* «Алай» АК - 965,1 миң сом ж.б.

Банкроттук жол жобосун аяктаган, камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча ири карыздары бар ишканалардын тизмесинде төмөнкү ишканалар бар: *Бишкек шаары. боюнча:* «Жылдызшпарта» ААК - 571,4 миң сом, АО «Завод КИП» - 1422,6 миң сом, «Тахмина» ЖЧК - 607,7 миң сом, Ленин КБ СОиЗХ – 4079,2 миң сом, «БЛВЗ» АК - 1966,9 миң сом; *Чүй облусу боюнча:* «Чуйпромстрой» АК - 2597,4 миң сом, «Эдельвейс» Трикотаж» АК - 2333,8 миң сом, «Пригородный» АЧК - 3956,9 миң сом, «Эдельвейс» АК - 6338,1 миң сом, «Кыргызкилем» АК - 11084,0 миң сом, Азат ассоциациясы – 1915,2 миң сом, «КПП» АК - 2120,5 миң сом, «Бурана» ОКХ - 1288,1 миң сом, «Айнек» АООТ - 49982,6 миң сом; *Ысык-Көл облусу боюнча:* «Тегиз» АК -724,5 миң сом; *Талас облусу боюнча:* «Талас» СКХ - 2423,5 миң сом, «Куркуроо» ККХ - 954,7 миң сом, «Каинды» ПКХ - 1072,3 миң сом; *Ош ш. боюнча:*«Алмалык – Комур» АК - 2629,2 миң сом; *Жалал-Абад облусу боюнча:* «Ак-Пахта» АК - 8147,7 миң сом, «Дан-Азык» АК - 1485,0 миң сом; *Баткен облусу боюнча:* «Тунгуч» АК -529,1 миң сом ж.б.

PESAC программасы боюнча жоюлган ишканалардын тизмесинде:
*Ош ш. боюнча*: «Ак-Жибек» АК - 648,9 миң сом; *Баткен облусу боюнча:* Шахта башкармалыгы – 1651,9 миң сом, «Алай» машзаводу - 1023,8 миң сом; *Жалал-Абад облусу боюнча:* «Шахта Кок-Жанак» МАК- 5609,2 миң сом, Таш-Көмүр шахта башкармалыгы – 992,8 миң сом ж.б.

Банкроттуулук процедурасын аяктай элек банкрот - ишканалардын ичинен ири карызкорлор төмөнкүлөр: *Бишкек шаары боюнча:* ГП УСИ жана Президенттин ИБ – 4453,4 миң сом, УГАД – 14855,0 миң сом, «Азия-Курулуш» ЖАК - 1161,9 миң сом, «Ореми» ААК - 8917,3 миң сом; *Чүй облусу боюнча:* «Кыргызстан Аба Жолдору» УАТ АК- 34598,6 миң сом, «Ак-Була» АК - 15369,6 миң сом, «Токмокводопровод» МИ - 9558,4 миң сом, Ленин ат. ОКХ – 4397,2 миң сом, «Буудай Карабалта» ААК - 6391,9 миң сом; *Нарын облусу боюнча:* «Разрез Ак-Улак» МАК - 20453,8 миң сом, «Ишен Уста» ЖЧК - 2422,5 миң сом; *Ысык-Көл облусу боюнча:* «Буудай Каракол» МИ - 1377,1 миң сом, «Иссыккульское пароходство» ГП ПО – 4235,2 миң сом, «Кыргызресурсы» ЖЧК - 2543,2 миң сом; *Талас облусу боюнча:* «Чолпонбай» КДЧ - 1246,8 миң сом, «Карабуура» Үрөөнчарбасы - 1029,1 миң сом; *Ош облусу боюнча:* «КАЖ» УАТ филиалы - 4393,4 миң сом, «Тынчтык» АК - 1180,4 миң сом; *Баткен облусу боюнча:* Сүлүктү сууканалы – 3361,8 миң сом, Сүлүктү көмүр – 25534,0 миң сом; *Жалал-Абад облусу боюнча:* «Жибек-Жолу» АК - 3733,1 миң сом, «Кристал» ААК - 10586,2 миң сом, «ТСП» ЖАК - 8885,1 миң сом, «МС ЭЛЗ» ААК - 27362,8 миң сом ж.б.

Республика боюнча жүргүзүлгөн иштердин натыйжасында камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча жалпы дебитордук карыздардын суммасынан 2017-жылы 1451,6 млн. сом түштү.

«Eleed» системасында «Туум» автоматтык эсептөө функционалы атайын иштелип чыккан, ал төлөнө турган камсыздандыруу төгүмдөрүнүн мөөнөтүн узарткан ар бир күн үчүн туум эсептээрин жана чегерээрин белгилей кетүү керек.

Бирок азыркы учурда Соцфонд тарабынан бул функционал төлөмдөрдүн системага колго киргизүү артта калып жаткандыктан Социалдык фонддун райондук башкармалыктарында ишке киргизиле элек.

«Eleed» программасынын системасында «Туум» функционалык ишке киргизүү төлөөчүлөр тарабынан камсыздандыруу төгүмдөрүн кечиктирип төлөгөндүгү үчүн туумдарды жана финансылык санкцияларды эсептөөдө адам факторун болтурбайт, акырында бул туумдардын, финансылык санкциялардын түшүүсүнүн көлөмүнүн көбөйүшүнө, камсыздандыруу төгүмдөрүнүн толук жана учурунда төлөнүшүнө алып келет.

2017-жылы Соцфонддун райондук жана шаардык башкармалыктарынын адистери тарабынан ишкердик субъекттеринде жалпысынан 5525 текшерүү жүргүзүлгөн, алардын 2791 пландык текшерүүлөр, 2734 пландан тышкаркы текшерүүлөр. Анын жыйынтыгы боюнча кошумча 6173,6 миң сомго камсыздандыруу төгүмдөрү эсептелди, 496,0 миң сомго финансылык санкциялар салынды, 14344 миң сомго туумдар эсептелген, жалпысынан 21013,6 миң сом кошумча табылды.

Ошентип аталган текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча бир текшерүүгө эсептегенде орточо 3803 сом кошумча сумма табылды. Мында айрым райондук башкармалыктарда бул көрсөткүч республика боюнча орточо көрсөткүчтөн бир топ төмөн.

Мисалы жүргүзүлгөн текшерүүлөргө талдоолор текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча бир текшерүүгө кошумча эсептелген сумма Свердлов РСФБ боюнча 1766 сомжу, Ысык-Ата району 295 сомду, Кочкор району -500 сомду, Сузак району -19 сомду, Таш-Көмүр шаары - 55 сомду түзөрүн көрсөттү.

Бул фактылар ишкердик субъекттеринде Соцфондунун адистери тарабынан жүргүзүлгөн текшерүүлөрдүн сапатын жана эффективдүүлүгүн жакшыртуу боюнча иштердин жетишсиздиги жөнүндө ырастайт.

**Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бириктирилген балансынын эсептерин талдоо**

2018-жылдын 1-январына карата Соцфондунун бириктирилген балансында камсыздандыруу төгүмдөрүнүн эсебине алынган **2 103,9 миң сомдук** материалдык баалуулуктар бар, алардын ичинен:

- Каракол шаардык социалдык фондунун башкармалыгында «Голден Вул» ЖЧК карыздарын жоюу эсебинен баланска алынган 1 224,5 миң сомдук тегирмен көрсөтүлгөн, 2014-жылдан тартып ушу кезге чейин алуучу жоктугуна байланыштуу сатыла элек.

- Ак-Суу РСФБ боюнча 108,0 миң сомдук 15 998,5 кг буудай бар, алардын 18,2 миң сомдук 2807 кг «Заря» кооперативинде жооптуу сактоодо турат. «Нур» ЖЧК 89,7 миң сомдук 13 191,5 кг буудай көрсөтүлгөн, Ысык-Көл облусунун

райондор аралык сотунун 2010-жылдын 19-февралындагы чечимине ылайык ОсОО «Нур» ЖЧК банкрот деп жарыяланган.

- Ысык-Көл РСФБ боюнча 43 155 кг на 245,9 миң сомдук 43 155 кг буудай көрсөтүлгөн, «Ысык-Көл Дан Азык» ААКда жооптуу сактоодо турат. Ошол эле учурда 2004-жылдан баштап бул комбинат иштебейт жана жазык иши токтотулган.

- Жети-Өгүз РСФБ боюнча «Нур Канат» ЖЧК жооптуу сактоосунда 35,7 миң сомдук 5956 кг буудай, ошондой эле 370,0 миң сомдук карыздарды жоюу эсебине алынган Камаз автомашинасы бар.

- Жайыл РСФБ боюнча 77,7 миң сомдук 13632 кг буудай көрсөтүлгөн, алардын 73,2 миң сомдук 12 853 кг буудайы ЖИ «Кулукеевада» жооптуу сактоодо турат, иш жүзүндө кампада жок. Жайыл РСФБ тарабынан буудайдын бар экендигин текшерүүдө буудайдын жетишсиз экендиги аныкталган, ошол жерде акт түзүлгөн. 4,4 миң сомдук 779 кг буудайдын калган бөлүгү «Ак-Суу Дан Азык» ААК жооптуу сактоосунда турат.

- Нарын РСФБ карыздарды жоюу эсебине алынган 42,0 миң сомдук май сыгуучу аппарат бар.

Ошондой эле 2017-жылы Соцфондунун бириктирилген балансы боюнча «Кайра иштеп чыгуу боюнча кызматтарды эсеби» 341400 эсеп боюнча «Дан-Азык» ААК буудайды сактоо боюнча көрсөтүлгөн кызмат үчүн 412,5 миң сом кредиттик карыз көрсөтүлгөн.

Кредиттик карыздын бул суммасы 2006-жылдан тарта Талас облусунун райондук башкармалыктарынын балансында турары аныкталган. Көрсөтүлгөн мезгилден тартып ушул кезге чейин Талас облусунун райондук башкармалыктары менен «Дан-Азык» ААК ортосунда өз ара эсептешүүлөрдүн салыштыруу актылары ошондой эле карыздарды жоюу жөнүндө кат алышуу болгон эмес.

Кредитторлор тарабынан ушу кезге чейин аталган кредиттик карызды кайтаруу боюнча кайрылуу же талап кылуу болбогонун эске алып, ушул аудиттин жүрүшүндө **412,5 миң сомдук** көрсөтүлгөн сумма Соцфондунун кирешесине көрсөтүлгөн.

## Социалдык фондго таандык баалуу кагаздардын пакетинен кирешелердин түшүүшү

2017-жылдын 1-январына карата Соцфонд 17 акционердик коомдун акцияларынын мамлекеттик пакетине ээ, анда баалуу кагаздардын жалпы (акциялардын) нак наркы 1183271,4 миң сомду түзөт.

2016-жылдын жыйынтыгы боюнча акционерлердин жалпы жылдык чогулушунун чечимдери менен Соцфонддун акцияларынын үлүшүнөн 49 489,0 миң сомдук дивиденддер эсептелген жана төлөнгөн.

Отчеттук маалыматтарга ылайык 2017-жылдын 31-декабрына карата акционердик коомдордун Соцфондго дивиденддер боюнча карызы жок.

Соцфонддун маалыматтары боюнча акционерлердин жалпы жылдык чогулушунун чечимдери менен 2017-жылы 86022,8 миң сомго дивиденддер эсептелген.

(миң сом)

| Акционердик коомдордун аталышы | Акциялын үлүшү в % | 2014-ж. үчүн 2015-ж. түшкөнү | 2015-ж. үчүн 2016-ж. түшкөнү | 2016-ж. үчүн 2017-ж. түшкөнү | 2017-ж. эсептелгени |
|---|---|---|---|---|---|
| Электр станциялары | 13,174 | | | | |
| «Кыргызстан улут.эл.тармагы» | 13,0 | 7 593,93 | | | |
| «Бишкекжылуулуктармагы» | 13,0 | 2 598,01 | 1 287,83 | 2 318,83 | 3 851,60 |
| «Ошэлектр» | 13,0 | | | | |
| «Түндүкэлектр» | 13,0 | 1 684,28 | | | |
| «Жалал-Абад электр» | 13,0 | 80,31 | | | |
| “Чыгышэлектр» | 13,0 | 1 096,63 | | | |
| «Кыргызтелеком» | 12,51 | | 492,63 | 7 421,03 | 5 626,40 |
| «Манас""Эларалык аэропорту” | 8,46 | 17 758,18 | 29 102,85 | 34 694,88 | 70 719,90 |
| «Кара-Балта типография» | 8,0 | | | | |
| «Учкун» | 8,0 | | 55,50 | 269,51 | 35,30 |
| «Бишкек машкуруу заводу» | 8,0 | | | | |
| «Кыргызнефтегаз» | 3,9202 | | 9 593,21 | 3 808,27 | 5 757,6 |
| Завод «Антибиотики» | 11,7 | | | 976,51 | 32,0 |
| **Баардыгы** | | **30 811,34** | **40 532,02** | **49 489,03** | **86 022,80** |

Таблицада белгиленгендей, жалпысынан дивиденддердин ар жылдык эсептелиши мурунку отчеттук мезгилге салыштырмалуу көбөйүп жатат, бул айрым акционердик коомдордун ишинин жакшырышын ырастайт.

Ошону менен бирге, аудит 2016-жылдын жыйынтыгы боюнча «Электр станциялары» ААК, « Кыргызстан УЭТ» ААК жана «Жалал-Абад электр» ААК акционерлердин жалпы жылдык чогулушунун чечими менен пайдалардын ишканалардын антикризистик планын аткарууга жана мурунку жылдардагы чыгашаларды жоюуга багытталгандыгына байланыштуу дивиденддерди жарыялабоо жана төлөп бербөө чичими кабыл алынган. Белгиленген сунуштардын негизинде 2016-жыл үчүн финансылык иштин жыйынтыгы боюнча жалпы суммасы 151665,6 миң сомдук дивиденддер эсептелген жок жана төлөнгөн жок. Алардын ичинен «Электр станциялары» ААК – 71472,1 миң

сомго, «НЭС Кыргызстан» ААК - 79615,6 миң сомго жана «Жалал-Абад электр» ААК – 577,9 миң сомго дивиденттер эсептелген жок жана төлөнгөн жок.

Ошол эле себептер менен, 2017-жылдын жыйынтыгы менен Акционердик коомдордун акционерлеринин чогулушунун чечимдерине ылайык акциялар боюнча дивиденддерди жарыялабоо жана төлөп бербөө чичими кабыл алынган. Мисалы 2017-жылдын жыйынтыгы боюнча жалпы суммасы 131352,5 миң сомдук акциялар боюнча дивиденддер эсептелген жана төлөнгөн эмес, алардын ичинде «Электр станциялары» ААК – 127554,6 миң сом, «Жалал-Абад электр» ААК – 602,0 миң сом, «Чыгыш электр» ААК – 3195,9 миң сом.

Аталган коомдордун акционерлеринин жылдык жалпы чогулушуна катышкан Соцфонддун өкүлдөру тарабынан мыйзамдарга ылайык пайдаларды бөлүштүрүү боюнча тийиштүү сунуштар киргизилген эмес, ошондой эле дивиденддер боюнча коомдор кабыл алган чечимдерди «Акционердик коомдор тууралуу» КР Мыйзамына ылайык талашуу боюнча чаралар көрүлгөн эмес.

Мындан тышкары, жалпысынан акциялардын пакетинен кирешелердин түшүүнө талдоо жүргүзүүдө, айрым Акционердик коомдордун акциялары боюнча дивиденддер акыркы жылдары түшпөй калганын көрсөттү.

Мисалы, «Электр станциялары» ААК акциялары боюнча дивиденддер 2014-жылдан баштап төлөнө элек, ошол эле учурда Социалдык фондго таандык бул коомдун акцияларынын жалпы наркы 583386,1 миң сомду түзөт, «Кыргызстан УЭТ» 2015-жылдан тартып дивиденддерди төлөй элек, акциялардын наркы 210239,3 миң сомду түзөт, 2014-жылдан тартып дивиденддерди төлөй элек, (акциялардын жалпы наркы - 22346,4 миң сом), «Жалал-Абад электр» ААК, «Түндүкэлектр», ААК 2015-жылдан тартып дивиденддерди төлөй элек, акциялардын жалпы наркы 90135,2 миң сомду түзөт.

«Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жөнүндө» КР Мыйзамына ылайык дивидендердин түшүү Соцфонддун бюджетинин киреше бөлүгүнүн булактарынын бири экендигин, ал пенсияларды, жөлөкпулдарды, сөөк коюу жөлөкпулдарын, эмгектик мертинүү же кесиптик ооруу боюнча компенсацияларды төлөөгө жумшаларын эске алганда Кыргыз Республикасынын Соцфонду тарабынан ААК акционерлеринин алдында укуктарын коргоо боюнча чаралар тийиштүү деңгээлде көрүлбөй жатат.

**Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондуна аудит**

«Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2017-жылга бюджети жана 2018-2019-жылдарга божомолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун (мындан ары – МТПФ) каражаттары боюнча кирешелер камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүүн 1 359283,4 миң сом, каражаттарды инвестициялоодон түшкөн кирешелерди – 1 600 821,2 миң сом камтыйт.

Каралган чыгымдар 12 328,3 миң сомго МТПФ каражаттарын инвестициялоо жана башкаруу ошондой эле 100 000,0 миң сомго МТПФ пенсиянын топтомо бөлүгүнүн төлөнүшүн каржылоо менен байланышкан.

**2017-жылы МТПФ бюджетинин аткарылышы**

(миң сом.)

| Бюджеттин беренелеринин аталышы | Бекит. бюджет | Бюджеттин аткар. | Четтөө | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Сумма (+,-) | пайыз. |
| Камсыздандыруу төгүмдөрү | 1 359 283,4 | 1 481 527,6 | + 122 244,2 | +9,0% |
| МТПФ каражаттарын индексациялоо түшкөн киреше | 1 600 821,2 | 1 596 136,8 | - 4 684,4 | -0,3% |
| МТПФ каражаттарды төлөп берүүнү каржылоо | 100 000,0 | 90 885,3 | - 9 114,7 | -9,1% |
| МТПФ каражаттарын инвестициялоо жана башкаруу менен байланышкан чыгымдар | 12 328,3 | 7 832,6 | - 4 495,7 | -36,5% |

2017-жылдын жыйынтыгы боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүшү 1481 527,6 миң сомду, МТПФ каражаттарын инвестициялоо түшкөн кирешелер - 1 596 136,8 миң сомду түздү. Каражаттарды башкаруу боюнча чыгымдар 7832,6 миң сомду жана МТПФ каражаттарды төлөп берүүгө – 90 885,3 миң сомду түздү .

2017-жылдын 1-январына карата топтом пенсиялык фонддун мурда индексацияланган каражаттары боюнча калдыктар 10 663 272,5 миң сомду түзгөн, анын ичинде мамлекеттик баалуу кагаздар 7 952 272,5 миң сом, жана коммерциялык банктардын депозиттерине 2 711 000,0 миң сом.

2017-жылы жалпысынан МТПФ 7 781 317,6 миң сом каражаттары индексацияланды, анын ичинде мамлекеттик баалуу кагаздар 6 465 317,6 миң сом жана коммерциялык банктардын депозиттерине 1 316 000,0 миң сом

Пенсиялык топтоо каражаттарын мамлекеттик баалуу кагаздарга жайгаштыруу автоматташтырылган соода системасы (АСС) аркылуу атаандаштык негизде Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынын жүргүзүлгөн ацкциондорго катышуу жолу менен жүргүзүлөт.

**МТПФ каражаттарын банк депозиттерине жайгаштыруу**

«Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду тарабынан депозиттик аукциондорду жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобонун ченемдерине ылайык пенсиялык топтоо каражаттары депозиттик салымдарга аукциондук негизде гана жайгаштырылат.

2017-жылы жүргүзүлгөн депозиттик аукциондордун жыйынтыгы боюнча 10 коммерциялык банктар менен келишимдер түзүлгөн, анда депозиттик салымдар боюнча кирешелүүлүк жылына 8% дан 12%га чейинки чекте белгиленген.

Депозиттик салымдардын жалпы суммасы 2017-жылы 1 316 000,0 миң сомду түздү.

**МТПФ каражаттарын инвестициялоодон алынган кирешелер**

2017-жылы жалпы суммасы 1 596 136,8 миң сомдук киреше алынды, анын ичинде мамлекеттик баалуу кагаздар боюнча 1 256 443,3 миң сом, депозиттик салымдар боюнча 320 622,5 миң сом, МТПФ эсептериндеги акча каражаттарынын күнүмдүк калдыктар боюнча пайыздар - 19 031,4 миң сом жана башка кирешелер (туумдар жана айыптар) - 39,6 миң сом.

2017-жылдын 31-декабрына карата топтомо пенсиялык фонддун каражаттарын индексациялоо боюнча калдыктар 13 238 021,8 миң сомду түздү, анын ичинде мамлекеттик баалуу кагаздар (МКО, МКВ) – 11 922 021,8 миң сом, коммерциялык банктардын депозиттик салымдарына - 1 316 000,0 миң сом.

**МТПФдан төлөмдөрдү каржылоо**

2017-жылы, алуучулардын саны 14488 адамды түзүп, пландын аткарылышы 90,9% болгон, төлөнгөн сумма 90885,3 миң сом.

2017-жылы кызматкерлерге жалпы суммасы 5166,7 миң сомдук эмгек акы төлөндү, бул жалпысынан 19 орточо айлык эмгек акыны түзөт.

Белгилей кетүүчү жагдай, МТПФ кызматкерлерине эсептелген жалпы эмгек акынын 45 % тегериндеги эмгек акынын негизги үлүшү мекеменин жетекчи курамына (директор, директордун орун басары жана башкы бухгалтер) туура келет же эмгек акы эсептөөдө жетекчилик менен кызматкерлердин ортосунда олуттуу айырмачылык байкалат.

Мисалы, МТПФ жогоруда көрсөтүлгөн адамдардын (директор, директордун орун басары жана башкы бухгалтер) эмгек акы боюнча отчетко ылайык орточо бир айлык эмгек акы 63,0 миң сомду түздү, ошол эле маалда калган кызматкерлердин орточо эмгек акысы 26,0 миң сомду түзөт, башкача айтканда айырмачылык 2,5 эсе.

Аудит жүргүзүлгөн мезгилде, МТПФ тарабынан “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинин 2-пунктун бузуу менен жалпы суммасы 27,7 миң сомго товарлардын жана кызматтардын сатып алуулары жүргүзүлгөн. Товардык-материалдык баалуулуктар мамлекеттик сатып алуулар веб-порталына жайгаштырылбастан, башкача айтканда тендердик тооруктарды өткөрбөстөн сатылып алынган.

## Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунда ишке ашаралып жаткан маалыматтык долбоорлор

***«Eleed» маалыматтык башкаруу системасы***

«Eleed» программдык продукту - Соцфонддун ишинин бухгалтердик эсебин жүргүзүү үчүн багыталган «Акфорта» компаниясынын программдык продукту. Объекттердин жыйындысын билдирүү менен, төмөнкүдөй түрлөргө бөлүнөт – маалымдамалар, документтер, колдонулган курчоолор, которуулар, топтогучтар ж.б.

2018-жылдын 15-декабрында болуп өткөн тендердин жыйынтыгы боюнча Соцфонд тарабынан «Akforta» ЖЧК (Акфорта) менен топтомо система боюнча программдык камсыздоону жана тийиштүү финансылык отчеттуулукту иштеп чыгууга 2009-жылдын 1-апрелинде №Д.0.1. -40, жалпы суммасы 7360,0 миң

сомдук «Топтомо система боюнча программдык камсыздоону жана тийиштүү финансылык отчеттуулукту иштеп чыгуу» келишими түзүлгөн.

2010- жылдын 23-сентябрындагы Д-0.1-001 «2009-ж. 1-апрелинде №Д.0.1. -40 «Топтомо система боюнча программдык камсыздоону жана тийиштүү финансылык отчеттуулукту иштеп чыгуу» келишимине кошумча макулдашуу менен келишим боюнча иштердин жалпы наркын көбөйтпөстөн 6 дан 16 этапка чейин иштердин тизмеги такталган. Азыркы учурда 16 этаптан 12 этап бүттү.

***«VipNet» маалыматтарды коргоо программдык комплекси***

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун маалыматтык-коммуникациялык түзүмү, Соцфонду колдонгон байланыш каналдары коргоонун жана сактоонун жогорку даражасын талап кылган Кыргыз Республикасынын жарандары жөнүндө жекече мүнөздөгү сырдуу маалыматтарды камтыйт.

Маалыматтык коопсуздук концепциясына ылайык Социалдык фонддун маалыматтык коопсуздугунун  программалык продуктусун жаңылоо жана аппараттын-программалык комплексин техникалык колдоону камсыз кылуу боюнча кызматтарды сатып алуу жөнүндө чечим кабыл алынган.

***Электрондук санариптик кол тамганын (ЭСК) колдонулушу***

Социалдык фонд тарабынан мамлекеттик социалдык камсыздандыруу каражаттары боюнча электрондук отчеттуулукту кабыл алуу системасы киргизилген, ал камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчүлөргө компьютер бар жана Интернет тармагына кирүүгө мүмкүн болгон каалаган жерден ЭСК колдонуп Интернет аркылуу мамлекеттик социалдык камсыздандыруу каражаттары боюнча отчетторду жөнөтүүгө мүмкүндүк берет.

2018-жылдын 1-июнуна карата электрондук санариптик колтамганын компоненттери Соцфондунун маалыматтык системасынын 17,4 % киргизилген же Социалдык фонддун системасынын 183 кызматкери өз ишинде ЭСК колдонот. Ошону менен бирге ЭСК 82,6% же 867 даана компонентин Соцфондунун Электрондук документ жүгүртүү системасында жана Соцфонддун порталы аркылуу расмий маалымат берүү системасында колдонуу пландалууда.

## Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун Ички аудит башкармалыгынын ишин талдоо

Ички аудит башкармалыгынын 2017-жылга Иш планына ылайык Социфонддун 40 бөлүмүндө аудит жүргүзүү пландалган, иш жүзүндө 35 бөлүмдө текшерүү жүргүзүлгөн.

Соцфонддун Талас, Ленин, Октябрь райондук жана Сүлүктү шаардык башкармалыктарында бюджеттин аткарылышына, пенсиялардын дайындалышына жана төлөнүшүнө пландалган аудит, ошондой эле Соцфондунун Пенсияны  борборлоштуруп чектөө жана кайра эсептөө башкармалыгында башкаруу аудити башкармалыктын аудиторлоруна окутуучу курстар өткөрүлгөндүгүнө байланыштуу өткөрүлгөн эмес.

Соцфонддун региондук бөлүмдөрүндө өткөрүлгөн аудиттин бардык объекттери боюнча, Соцфонддун Башкармасында жыйынтыктар каралган, анда материалдарды укук коргоо органдарына өткөрүп берүү, күнөөлүү адамдарды административдик жоопкерчиликке тартуу жана ашыкча төлөнгөн суммаларды Соцфонддун бюджетине кайтаруу боюнча ишке жоопкерчиликти жүктөө боюнча тийиштүү чечимдер кабыл алынган.

## 2004-жылдан берки мезгилге буудай данын сатууга жана жаңылоого берилген акча каражаттарын кайтарууну талдоо

2017-жылдын 1-январына карата отчеттук маалыматтарга ылайык юридикалык жана жеке жактарга буудай данын сатууга жана жаңылоого берилген дебитордук карыздардын калдыгы 68629,1 миң сомду түздү, анын ичинде өз убагында кайтарылбагандыгы үчүн туумдар - 7529,2 миң сом. суммасында эсептелди.

Соцфонд тарабынан 2004-2008-жылдагы мезгилде сатууга жана жаңылоого берилген буудай даны үчүн карыздарды өндүрүү боюнча иштер жетиштүү эмес деңгээлде жүргүзүлгөн. Ошентип, 2017-жылдын ичинде Соцфонддун аккумуляциялык эсебине 53,2 миң сом же жалпы карыздардын 0,08% гана түштү, анын ичинен:

- «Хентун» ЖЧКдан - 4710 сом (Панфилов РСФБ);
- «Макин» тегирменинен - 48500 сом (Жети-Өгүз РСФБ).

Иш жүзүндө, Соцфонддун эсепке алуу маалыматтары боюнча 2018-жылдын 1 –январына карата 25 дебиторлор боюнча баардыгы 68575,9 миң сом карыздар бар, анын ичинде эсептелген туумдар – 7529,1 миң сом.

## Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун административдик-башкаруу чыгымдарынын сметасын түзүү жана аткаруу

2017-жылдын 1-мартындагы № 39 «Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2017-жылга бюджети жана 2018-2019-жылдарга божомолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык Соцфонддун административдик чыгымдарына 707955,0 миң сом каралган.

### Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун сметалык дайындоолорунун талдоосу

*(миң сом)*

| Чыгымдардын беренелери | смета боюнча бекит. | кредиттердин ачылышы | кассалык чыгым | анык чыгым |
|---|---|---|---|---|
| Эмгек акы | 528106,0 | 527715,8 | 527036,7 | 527418,0 |
| Соцфондго чегерүүлөр | 90303,9 | 90200,4 | 90095,6 | 90010,0 |
| Өлкөнүн ичиндеги иш сапар чыгымдар | 14708,8 | 14706,8 | 14706,6 | 14703,5 |
| Чет өлкөгө иш сапар чыгымдар | 2235,4 | 2235,3 | 2235,3 | 2235,3 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Жабдууларды сатып алуу | 1304,0 | 1303,9 | 1303,9 | 1254,2 |
| Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөм | 14135,4 | 14132,8 | 14200,4 | 14217,2 |
| Кызматтык транспортту кармоого чыгымдар | 10640,0 | 10637,0 | 10516,3 | 10459,3 |
| Башка сатып алуулар жана кызмат крсөтүүлөр | 46229,5 | 46227,2 | 44102,2 | 48748,9 |
| Негизги жабдууну сатып алуу | | | | 10941,0 |
| Капиталдык оңдоо | 292,0 | 292,0 | 292,2 | 649,8 |
| **Бардыгы** | **707955,0** | **707451,2** | **704489,1** | **720637,2** |

Чыгымдардын эң көп салыштырма салмагын «Эмгек акы» беренеси - 528106,0 миң сом менен түзөт же чыгымдардын жалпы суммасынан 74,6 %, «Камсыздандыруу төгүмдөрүн чегерүү» беренеси боюнча - 90303,9 миң сом же чыгымдардын жалпы суммасынан 12,8%. Чыгымдардын башка калган беренелери 89545,1 миң сомду түздү же чыгымдардын жалпы суммасынан 12,6% .

Жыл ичинде ачылган кредиттер 707451,2 миң сомду, кассалык чыгымдар 704489,1 миң сомду түздү, анык чыгымдар - 720637,2 миң сом.

Борбордук аппараттын чыгымдарынын сметасын 2017-жылга түзүү жана аткаруу төмөнкүдөй маалыматтар менен мүнөздөлөт:

### Борбордук аппараттын сметалык дайындоолорунун талдоосу

(миң сом)

| Чыгымдардын беренелери | смета боюнча бекит. | кредиттердин ачылышы | кассалык чыгым | анык чыгым |
|---|---|---|---|---|
| Эмгек акы | 74201,8 | 73813,9 | 73808,9 | 74241,5 |
| Соцфондго чегерүүлөр | 12654,0 | 12553,5 | 12553,6 | 12553,6 |
| Өлкөнүн ичиндеги иш сапар чыгымдар | 1019,2 | 1019,1 | 1024,1 | 949,1 |
| Чет өлкөгө иш сапар чыгымдар | 2188,0 | 2187,9 | 2187,9 | 2187,9 |
| Жабдууларды сатып алуу | 946,0 | 945,9 | 945,9 | 896,2 |
| Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөм | 3666,4 | 3666,4 | 3681,4 | 3458,1 |
| Кызматтык транспортту кармоого чыгымдар | 1660,2 | 1660,2 | 1660,2 | 1631,2 |
| Башка сатып алуулар жана кызмат крсөтүүлөр | 31072,1 | 31072,1 | 29002,4 | 33846,8 |
| Негизги жабдууну сатып алуу | | | | 10925,4 |
| **Бардыгы** | **127407,7** | **126919,0** | **124864,4** | **140689,8** |

2017-жылы, «Бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдардын сметасын аткаруу жөнүндө» №2 отчетко ылайык, Соцфонддун Борбордук аппаратын камсыздоого бекитилген жана такталган смета 127407,7 миң сомду түздү, ачылган кредиттер суммасы 126919,0 миң сомго же 99,6%ди түзгөн. Кассалык чыгымдар 124864,4 миң сомго жана анык чыгымдар 140689,9 миң сомго жүргүзүлдү.

Профсоюздук чегерүүлөрдүн 103,0 миң сом суммасында ашыкча төлөнүшү жана Соцфонддун кызматкерлерине мурда берилген ссудаларды кармоого байланыштуу анык чыгымдар «эмгек акы» беренеси боюнча кассалык чыгымдардан көп болуп чыккан. Мындан тышкары, 2016-жылдын соңунда №-1.2-156 келишимине ылайык жабдууларга төлөөгө байланыштуу, негизги жабдууларды сатып алуу беренеси боюнча анык чыгымдар 10925,4 миң сомду түздү. Аталган жабдууларды жеткирүү келишимидин шарттары боюнча 2017-жылы ишке ашырылды.

Соцфонддун Борбордук аппаратынын кассалык чыгымдарынын беренелер боюнча талдоосу Соцфондуна эмгек акы төлөө жана чегерүүлөр менен байланышкан чыгымдар 86362,5 миң сомго же жалпы чыгымдардан 69%, башка сатып алуулар жана кызмат көрсөтүүлөр 29002,4 миң сомго (23,2%), коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө төлөмдөр 3681,4 миң сомго (2,9%), иш сапар чыгымдар 3212,0,0 миң сомго (2,6%), транспорттук чыгымдар 1660,2 миң сомго (1,3 %) ж.б. басымдуулук кылаарын көрсөттү.

## Административдик-башкаруу чыгымдарынын (АБЧ) күндөлүк эсеби боюнча кассалык отчеттордун жана банктык операциялардын аудити

2017-жылдын 1 январына карата эсептин маалыматтары боюнча кассада накталай акча каражаттар болгон эмес. 2017-жылдын ичинде бардыгы 1507,6 миң сом накталай акча каражаттар кириштелди, анын ичинде: АБЧ алыш-бериш эсебинен - 714,4 миң сом, Өнүктүрүү фондунун каражаттарынын эсебинен – 793,2 миң сом накталай каражат алынган. Чыгымдардын эң көп салыштырма салмагын «Эмгек акы» беренеси боюнча - 306,1 же чыгымдардын жалпы суммасынан 42% түзөт.

Кассада 2018-жылдын 1 январына карата накталай акча каражаттардын калдыгы жок.

## Штаттык тартипти сактоону, эмгек акыны жана сыйакыны эсептөөнүн жана төлөөнүн тууралыгын талдоо

«Кыргыз Республикасынын министрликтеринин, администрациялык ведомстволорунун жана башка мамлекеттик органдарынын штаттык санынын чеги жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 22-августундагы № 473 токтому менен Социалдык фонддун кызматкерлеринин штаттык санынын чеги 1343 бирдик, анын ичинде борбордук аппарат 149 бирдик, ведомствого караштуу бөлүмдөр 20 бирдик жана аймактык бөлүмдөр 1174 бирдик эсебинде белгиленген.

Техникалык жана тейлөөчү персоналдын саны белгиленген ченем боюнча 278 бирдик, кенже жана техникалык тейлөөчү персоналдын саны иш жүзүндө 278 бирдикти, анын ичинде борбордук аппаратта – 30 бирдикти түзөт.

Социалдык фонддун кызматкерлеринин эмгек акы төлөө шарттары төмөнкүчө жоболор менен жөнгө салынат:

- Социалдык фонддун Башкармасынын 2013-жылдын 17-июнундагы № 75 токтому менен бекитилген, «Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө» жобосу менен;
- Социалдык фонддун Башкармасынын 2013-жылдын 4-июлундагы № 84 токтому менен бекитилген, «Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун кызматкерлеринин ишмердигинин натыйжалуулугун баалоо жөнүндө» жобосу менен.

Эмгек акы боюнча кассалык чыгымдар 73 808,9 миң сомду, иш жүзүндөгү 74241,5 миң сомду түздү.

Иш жүзүндө штаттык кызматкерлерге «эмгек акы» чыгымдарынын беренеси боюнча административдик-башкаруу чыгымдарынын сметасы боюнча 2017-жылы бардыгы 74241,5 миң сом, өнүктүрүү фонду боюнча 10469,7 миң сом эсептелген.

**Негизги каражаттарды жана товардык-материалдык баалуулуктарды сактоонун жана колдонуунун аудити**

2017-жылдын 1 январына карата бухгалтердик эсептин маалыматтары боюнча КР СФ БА негизги фонддорунун наркы 86326,7 миң сомду, топтолгон эскирүү 38416,2 миң сомду түздү. Жылдын аягына эсептелген амортизацияны жана баланстан баланска өткөрүлгөн негизги фонддорду эске алуу менен негизги каражаттардын наркы 164892,5 миң сомду, топтолгон эскирүү – 39144,3 миң сомду түздү. Жылдын ичинде жалпы наркы 97066,1 сомго негизги каражаттар кириштелди.

«Кыргыз Республикасынын пенсиялык камсыздоо системасын өнүктүрүү концепциясын бекитүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-ж 24- ноябрындагы токтомуна ылайык, калкты тейлөөнүн сапатын жакшыртуу үчүн Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна 2015-жылдын экинчи жарым жылдыгынын аралыгында Бишкек жана Ош шаарларында калкты тейлөө борборлорун (КТБ) түзүү тапшырмасы коюлган.

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун Башкармасынын 2016-жылдын 2- мартындагы токтомуна ылайык жана 2016 жылдын 16 августунагы Кабыл алуу актысынын негизинде «Бишкек машина куруу заводу» ААК балансынан Ленин РСФБ балансына турак эмес жай – Бишкек ш. Ч.Айтматов пр. №1 дарегинде жайгашкан №111 цехтин административдик – тиричилик жайынын имараты 79947093 сом суммасындагы карызды жоюунун ордуна өткөрүлүп берилген, анын ичинде негизги карыз 50156024 сом жана финансылык санкциялар - 29791069 сом. 2017-жылы «Бишкек машина куруу заводу» ААКдан кабыл алынган аталган кыймылсыз мүлк Ленин РСФБ балансынан КР Социалдык фондунун балансына өткөрүлүп берилген.

2017 жылдын 31 декабрына карата Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун балансында 70 757 691 сом суммасындагы мурдагы «БМЗ» ААК имараты турат.

Бишкек шаарнын Тынчтык пр. (Ч.Айтматов) №1 дарегинде жайгашкан №111 цехинин АБК имаратын ага жанаша жайгашкан жер участогу менен 2016

жылдын 24 августундагы, кыймылсыз мүлктү бекер берүү келишиминин негизинде аянты 0,1423 га жер участогун (алардын ичинен «БМЗ» ААК жана «БШЗ» МИ биргелешип колдонуудагы 0,0262 га) берүү менен Социалдык фонддун балансына кабыл алынган.

Участоктун баалоо наркы 1 м2 жер 20 635 сом түзөт, биргелешип колдонууда турган 0,0262 га өлчөмүндөгү жер участогунуку 5 406 370 сом (0,0262 га * 20635 сом) суммасында.

Азыркы тапта КР Соцфонду камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карыздарды көбөйтүү жана Соцфондуна бекер негизде өткөрүп берүү жолу менен аталган суммалардагы айырмачылыктарга талашуу жөнүндөгү доо арызы менен сотко кайрылган.

Аудит жүргүзүү мезгилде Соцфондунун төрагасынын 2017-жылдын 8-февралындагы №32-п буйругуна ылайык Москва РСФБ балансына 1999-жылы чыккан мамлекеттик № 82-00 ВС «Даймлер-крайслер Е-280» автомашинасы, Кара-Көл РСФБ 1999-жылы чыккан мамлекеттик №47-77 BS «Мерседес-Бенс Е-280» автомашинасы, Панфилов РСФБ 2005-жылы чыккан мамлекеттик №38-69 ВС «Тойота камри» автомашинасы, Бакай-Ата РСФБ 2007-жылы чыккан мамлекеттик №00-57 BZ «Тойота камри» автомашинасы КР СФ борбордук аппаратынын балансынан өткөрүлгөн.

Ошол эле учурда аталган буйруктун 2-пунктуна ылайык Москва РСФБ балансынан 2009-жылы чыккан «Тойота –Камри», Кара-Көл РСФБ балансынан 2007-жылы чыккан «Тойота –Камри», Панфилов РСФБ балансынан 2008-жылы чыккан «Тойота –Камри», Бакай-Ата РСФБ балансынан 2009-жылы чыккан «Тойота –Камри» автомашиналары КР СФ борбордук аппаратынын балансына өткөрүлгөн.

## Так отчеттуулук бланктарын эсепке алуу

*Камсыздандыруу полистеринин бланктары боюнча*

2017-жылдын 1-январына карата камсыздандыруу полистеринин бланктарынын калдыгы 289 645 даананы түзгөн. 2017-жыл үчүн бардыгы 650 000 даана кириштелген.

2017-жылдын ичинде камсыздандыруу полистеринин бланктары региондук башкармалыктарга 420500 даана, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматы үчүн камсыздандыруу полистери– 60 000 даана берилген.

2018-жылдын 1-январына карата камсыздандыруу полистеринин калдыгы 519 145 даананы түзгөн, анын ичинде тикмечилер үчүн камсыздандыруу полистери 127 156 даана.

*Дыйкан жана фермердик чарбалар үчүн дүмүрчөктөр боюнча*

2017-жылдын 1-январына карата дүмүрчөктөрдүн калдыгы 424104 даананы түзөт. 2017-жылдын ичинде 74000 даана дүмүрчөк берилген, анын ичинде РСФБ - 69000 даана, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматына – 5000 даана.

Дыйкан жана фермердик чарбалар үчүн дүмүрчөктөрдүн калдыгы 2018-жылдын 1- январны карата 350104 даананы түздү.

### Кызматтык жана нөөмөттүк транспорттук каражаттарды кармоого чыгымдардын аудити

Социалдык фонддун Борбордук аппаратынын балансында 2017-жылдын 1-январына карата 4034,7 миң сом суммасындагы балანстык наркы менен иш жүзүндө 5 автомашина катталган.

Социалдык фонддун Борбордук аппаратынын отчеттук маалыматтары боюнча кызматтык жана нөөмөттүк автомашиналарды кармоого смета боюнча 1660,2 миң сом каралган, 1660,2 миң сомго кредиттер ачылган, кассалык чыгымдар 1660,2 миң сомду түздү. Бардык иш жүзүндөгү чыгымдар 1631,2 миң сомду түзгөн, анын ичинде:

- күйүүчү жана майлоочу майларга чыгымдар 554,7 миң сом суммасында;
- автомашиналардын запастык тетиктерине жана күндөлүк оңдоосуна - 1076,5 миң сом.

«Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортту азайтуунун эсебинен мамлекеттик бюджеттин каражатын үнөмдөө боюнча чаралар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011 жылдагы 30 декабрындагы №767 токтомуна ылайык Социалдык фонд боюнча бир автомашина Төраганын персоналдык кызматтык автомашинасы катары жана 4 бирдик нөөмөттүк автотранспорт бекитилип берилген.

### Иш сапар чыгымдарын, отчет алынуучу суммалардын аудити

2017-жылга өлкөнүн ичиндеги иш сапар чыгымдарына 1019,1 миң сом каралган жана каржыланган. Кассалык чыгымдар 1024,1 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгымдар – 949,1 миң сомду түздү.

Чет өлкөгө иш сапар чыгымдарына 2188,0 миң сом каралган жана каржыланган. Кассалык чыгымдар 2187,9 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгымдар – 2187,9 миң сомду түздү.

Иш сапар чыгымдарын иргеме текшерүүдө чыгымдар Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 токтомуна ылайык чыгымдарды тийиштүү документтер менен ырастоо менен белгиленди. Отчет алынуучу суммаларга чыгымдарды ырастаган зарыл документтерди тиркөө менен авансылык отчеттор түзүлдү.

### Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдүн чыгымдарына аудит жүргүзүү

«Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө төлөмдөр» 1331 беренеси боюнча коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө чыгымдар 2017-жылга 3666,4 миң сом суммасында бекитилди, 3666,4 миң сомго кредиттер ачылган, кассалык чыгымдар - 3681,4 миң сомду жана иш жүзүндөгү чыгымдар - 3458,1 миң сомду түздү.

Анын ичинде «Түндүкэлектр» ААК электр энергиясын берүү боюнча кызмат көрсөтүүлөргө - 632,3 миң сом, «Бишкекжылуулуктармагы» ААК - 611,2 миң сом, Бишкекводоканалына – 35,5 миң сом, байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнө интернет жеткиликтүүлүгүн берүү менен - 2178,9 миң сом.

Байланыш кызматына, сууга жана таштандыларды чыгарууга чыгымдар каражаттардын сметасы боюнча каралган, коюлган эсептердин чегине ылайык жүргүзүлдү.

**Дебитордук жана насыя карыздарына аудит жүргүзүү**

2017-жылдын 1 январына карата Соцфонддун Борбордук аппаратынын балансына ылайык дебитордук карыздын бардыгы 13833,7 миң сом, анын ичинде 145101 эсеби боюнча «АУР кызматкерлеринин дебитордук карызы» 145101 эсеби боюнча - 15,9 миң сомду түздү, «АУР кызматтары үчүн алдын ала төлөм» 145401 эсеби боюнча - 13817,7 миң сом.

2017 жылдын 31 декабрына карата дебитордук карыздардын бардыгы 2366,8 миң сомду түздү, анын ичинен аппараттын кызматкерлеринин карызы - 17,3 миң сом, АУР кызматтары үчүн алдын ала төлөм - 2349,5 миң сом. Карыздардын негизги суммасы 2017-жылдын аягындагы программалык камсыздоону жеткирүү үчүн келишимге ылайык «Akforta» ЖЧКга эсептелген сумма 1465,0 миң сомду түзөт жана «Сынч» ЖЧКга которулган сумма -759,5 миң сомду түзөт.

2017 жылдын 1 январына карата кредитордук карыздын бардыгы 241,0 миң сомду, 2017 жылдын 31 декабрына карата кредитордук карыз 51,8 миң сомду түздү.

**Өнүктүрүү фондун түзүү жана пайдалануу**

Соцфонддун Борбордук аппаратынын Өнүктүрүү фондунун 2017-жылга чыгымдарынын сметасы боюнча 25750,0 миң сом каралган. Жылдын башына калдык 9108,1 миң сомду түздү. 22974,7 миң сомго кредиттер ачылган, кассалык чыгымдар - 24834,0 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгымдар - 24702,2 миң сомду түздү. 2018-жылдын 1-январына карата каражаттардын калдыгы –
7 248,8 миң сомду түздү.

«Эмгек акы» беренеси боюнча 11000,0 миң сом бекитилген сметасы боюнча, кассалык чыгымдар 10465,3 миң сомду жана иш жүзүндөгү чыгымдар 10469,7 миң сомду түздү. Негизги үлүш бир жолку сыйлыктарга 866,9 миң сом, жол киреге жана тамак-ашка жарым-жартылай компенсацияга 7299,1 миң сом, материалдык жардамга - 2303,7 миң сом арналган.

Коммуналдык кызматтарга кассалык чыгымдар 46,6 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгымдар 46,2 миң сомду түздү. башка сатып алууларга жана кызмат көрсөтүүлөргө 12298,2 миң сом чыгымдалды жана иш жүзүндөгү чыгымдар 12177,8 миң сомду түздү.

**Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун Резервдик фонду**

2017-жылы Соцфондунун Резервдик фондуна - 101 867,0 миң сом түштү, анын ичинде коммерциялык банктардагы акча каражаттарынын күнүмдүк калдыктарына пайыздар – 92125,0 миң сом, МБК кирешелер – 7948,4 миң сом, жайларды ижаралоодон – 689,9 миң сом, автомашиналарды жана башка негизги каражаттарды сатуудан – 445,5 миң сом, ката түшкөн сумма 479,2 миң сом, башка түшүүлөр - 128,0 миң сом, колдонулбаган каражаттарды кайрымдуулукка кайтаруу - 51,0 миң сом.

Резервдик фонддун эсебинен чыгымдар 2017-жылы жылдын башындагы калдыкты эске алуу менен 269791,2 миң сомду түздү, анын ичинде:

- «2017-жылдын 1-октябрынан тартып пенсиянын базалык бөлүгүнүн өлчөмүн белгилөө жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017 жылынын 18 августундагы №491 токтомуна ылайык жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун Башкармасынын чечими боюнча Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине пенсиянын базалык бөлүгүн жогорулатууга кайтарып берүү шарттарында- 263 800,0 миң сом берилген;
- ката түшкөн сумманы кайтарып берүү - 479,2 миң сом;
- 5512,0 миң сомго кайрымдуулук көрсөтүлгөн.

2018-жылдын башында Резервдик эсептин калдыгы 40378,6 миң сомду түздү.

## «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын сактоо

Соцфондунун маалыматтары боюнча 2017-жылы жалпы 45586,6 миң сом суммасында, 35 ирет иштерди, кызматтарды жана товарларды сатып алуулар жүргүзүлгөн.

Тандалма аудит тарабынан мамлекеттик сатып алуулар боюнча мыйзамдарды сактоо боюнча, Соцфондунун маалыматтык системасына өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча кызматтарды сатып алуу боюнча конкурстук жол-жоболорду өткөрүүдө баасын 2930,0 миң сом сунуштоо менен конкурстук өтүнмө «Akforta» ЖЧК берилгендиги белгиленди.

Конкурстук документациянын келишиминин өзгөчө шарттарында иштерди өз убагында аткарбагандыгы үчүн ар бир кечиктирилген күн үчүн 0,1% өлчөмүндө бышмана үчүн туум каралган, эң чоң алынуучу сумма жалпы сумманын 5 % түзөт. Келишимдин иштерин аткаруунун графигине ылайык иштерди аткаруу мөөнөтү 120 календардык күндү түзөт же 2018-жылдын 25-мартына чейин деп аныкталган.

Аудит жүргүзүү мезгилине келишимдин шарттарында каралган «аткаруучунун» милдеттемелери аткарылган эмес. Сатып алуучу уюм тарабынан келишимде каралган айып жазалары колдонулган эмес, алар 2018-жылдын 8-июлуна карата **146,5 миң сомду түзөт**.

«Akforta» ЖЧКсы менен «Топтомо системасы жана тийиштүү финансылык отчеттуулук боюнча программалык камсыздоону иштеп чыгууга» биринчи келишим №1-40, 2009 жылдын 1 апрелинде, 7360,0 миң сомго түзүлгөндүгүн белгилей кетүү керек.

2010 жылдын 23 сентябрында көрсөтүлгөн келишимге кошумча макулдашууга ылайык шарттарды аткаруу боюнча иштердин тизмеги 16 этапка бөлүнгөн, бүгүнкү күндө анын 12 этабы аяктап калды жана дагы 4 этабы аяктоо алдында турат.

Соцфондунун маалыматтары боюнча 2011-жылдан баштап мамлекеттик камсыздандыруу жаатында ченемдик укуктук актылардын өзгөргөндүгүнө байланыштуу жана башка негиздерге таянып «Akforta» ЖЧКсы менен жалпы суммасы 6184,1 миң сомго алты кошумча келишимдер түзүлгөн.

**Коррупцияга каршы аракет боюнча иштерди талдоо**

«Бийлик органдарындагы саясий жана системалуу коррупциянын себептерин жоюу боюнча чаралар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 12-ноябрындагы № 215 Жарлыгына ылайык. 2014-жылдын 18-декабрында Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңеши тарабынан Соцфондунун системасындагы мүмкүн болгон коррупциялык схеманы тазалоо боюнча 63 иш-чарадан турган 7 коррупциялык тобокелдик зоналары боюнча деталдаштырылган иш-чаралардын планы жактырылган: пенсияны чектөө жана кайра эсептөө, «Кыргыз почтасы” МИ аркылуу пенсия төлөө, кирешелер башкармалыгы, кечиктирилген карыздар менен иш алып баруу сектору, активдер башкармалыгы, жеке эсепке алуу башкармалыгы аркылуу пенсия төлөө.

Жалпысынан алганда 63 иш-чарадан турган каралган 51 пункттун 47си аткарылды бул пайыздык катышта 75% түзөт.

**Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун райондук жана шаардык башкармалыктарына аудит өткөрүү**

Соцфонддун райондук жана шаардык башкармалыктарына аудит жүргүзүү учрунда камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчүлөргө, 405,9 миң сом камсыздандыруу төгүмдөрү кошумча которулган, анын ичинде төмөнкү РСФБ:

- Тоң -15,6 миң сомго (аудиттин жүрүшүндө которулган), Нарын -37,8 миң сомго, Кочкор -25,2 миң сомго, Ак-Суу -121,5 миң сомго, Түп - 205,8 миң сомго.

Камсыздандыруу төгүмдөрүн өз убагында төлөбөгөн төлөөчүлөргө 732,5 миң сомго туумдар эсептелген, алардын ичинде:

- Балыкчы ШСФБ -109,6 миң сомго, Каракол ШСФБ -156,2 миң сомго, Ленин РСФБ - 276,1 миң сомго (18,5 миң сом аудиттин жүрүшүндө төлөнгөн), Аламедин РСФБ - 56,1 миң сомго, Ысык-Ата - 25,6 миң сомго, Москва РСФБ – 36,6 миң сомго, Нарын РСФБ - 72,3 миң сом суммасында.

«Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренесинин 4-пунктун бузуу менен 2017-жыл ичинде сатып алуу жол-жоболорун колдонбостон административдик башкаруулар чыгымдарынан жана Өнүктүрүү фондунун чыгымдар сметасынын эсебинен товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр сатылып алынган, анын ичинде:

Кара-Суу РСФБ -336,8 миң сомго, Араван РСФБ - 292,8 миң сомго, Ленин РСФБ – 95,6 миң сомго, Октябрь РСФБ -74,1 миң сомго, Балыкчы ШСФБ - 56,7

миң сомго, Тоң РСФБ - 6,9 миң сомго, Ак-Суу РСФБ - 48,0 миң сомго, Каракол ШСФБ- 65,0 миң сомго, Түп РСФБ - 25,1 миң сомго.

«Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 26-беренесинин 4-пунктун бузуу менен Тоң РСФБ, Жети-Өгүз РСФБ, Ленин РСФБда конкурстук документацияны түзүүдө сатып алуу жол-жоболорун жүргүзүүдө конкурстук өтүнмөнүн кепилдик камсыздоосун берүү жөнүндө шарттар белгиленген эмес.

Ак-Суу райондук соцфонддун сметасына каралган акжа каражаттар боюнча 2017-жылдын 31-декабырана карата Социалдык фондго 314,8 миң сом ченеминде дебитордук карыз түзүлүүгө жол берилген (ашыкча төлөө).

Каракол ШСФБда Өнүктүрүү фондунун сметасынын эсебинен КММ жалпы суммасы 6,8 миң сомго 188 литрге лимиттен тышкары күйүүчү май колдонууга жол берилген.

Жети-Өгүз РСФБ, Каракол ШСФБ, Кара-Суу РСФБ «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренесин бузуу менен 2017-жылга мамлекеттик сатып алуулар планы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга берилген эмес.

Ленин РСФБ боюнча жүргүзүлгөн оңдоо иштеринин жыйынтыгы боюнча «Бекбото строй» ЖЧК директорунун атынан подрядчы кол койгон жалпы суммасы 170,9 миң сомго аткарылган иштердин актысы бар, ошол эле учурда заказчынын өкүлдөрүнүн колдору коюлган эмес.

Октябрь РСФБ боюнча «Кыргыз Республикасынын министрликтеринин, администрациялык ведомстволорунун жана башка мамлекеттик органдарынын штаттык санынын чеги жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 22-августундагы № 473 токтомун бузуу менен штаттан сырткары жумушчуларга 92,5 миң сом төлөнгөн.

2017-жылдын 1-январына карата Сокулук РСФБ боюнча жер үлүшүнө камсыздандыруу төгүмдөрүн карызы 55452,9 миң сомду түздү. 2017-жылдын ичинде иш жүзүндө камсыздандыруу төгүмдөрү 2016-жыл үчүн - 2624,3 миң сом кошумча эсептелди. 2017-жыл үчүн жер үлүшүнө камсыздандыруу төгүмдөрү эсептелип чегерилген эмес, анткени Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматында «АиТи-сервис» ММ программасы толук иштелип чыккан эмес *(ушуну менен камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчүлөргө 21,8 миң сомго туум эсептелген).*

Иш жүзүндө 2017-жылдын ичинде камсыздандыруу төгүмдөрү 7571,0 миң сомго түшкөн. Алардын ичинен мурдагы жылдар үчүн – 6115,9 миң сом түштү. Жылдын аягына бардык карыз 50506,3 миң сом суммасын түздү.

**Ош ШСФБ боюнча** «Казыначылыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2017-жыл 29-сентябрындагы № 626 токтомун бузуу менен, 2016-жылдын аягында Ош МУ **66273 миң сом суммасындагы** жана КГМИПиПК Түштүк филиалы 2017-жылдын жыйынтыктары боюнча 427,1миң сом суммасындагы колдонулбаган атайын каражаттарды Ош ШСФБ эсебине алдын ала төлөм түрүндө негизсиз которгон.

«Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жөнүндө» КР Мыйзамынын 26-статьясын бузуу менен, Ош ГУ камсыздандыруу төгүмдөрүн өз убагында эмес жана толук эмес которулгандыгы үчүн туумдар эсептелген эмес (2018 жылдын 1 январына карата Ош ГУ 6293,9 миң сом суммасындагы карыздары бар).

«Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө» КР Мыйзамына ылайык жер үлүшүнө ээ дыйкан (фермердик) чарбаларга үстүдөгү жылдын кирешелер планына Ноокат РСФБ боюнча - 1927,9 миң сом жана Араван РСФБ боюнча - 625,0 миң сом. кошумча эсептөө менен кошуу керек.

Өзгөн РСФБ боюнча Соцфондунун Башкармасынын 2016-жылдын 8-апрелдеги токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун кызматкерлерин сыйлоо жөнүндө» Жобосунун 19-пунктун бузуу менен, 2017-жылыдын II-кварталынын жыйынтыктары боюнча кирешелер планы аткарылбаганда учруда 359,8 миң сомго сыйакылар эсептелген.

***Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек ш., Чүй, Талас облустары боюнча аймактык бөлүмдөрү тарабынан*** Соцфонддун райондук башкармалыктарынын аудитинин, бюджетти аткарышынын жыйынтыктары боюнча **51,4 миң сомго** бузуулар аныкталган. Алардын ичинен Социалдык фонддун Талас РСФБ бюджетинин кирешесине **31,9 миң сом** кошумча камсыздандыруу чегеримдери эсептелген, Кара-Буура РСФБ боюнча мөөнөтү өткөн карызы үчүн **11,8 миң сом** туум эсептелген. «Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарын бузуу менен Кемин РСФБда **2,2 миң сомго** жана Панфилов РСФБда **5,5 миң сомго** пенсияны ашыкча төлөө аныкталган. Аудиттин жүрүшүндө бузуулар боюнча кайра эсептөөлөр жана төлөмдөр жүргүзүлгөн.

Мындан тышкары Талас РСФБда сатып алуулар боюнча мыйзамдар бузулуп мамлекеттик сатып алуулар планы 2017-жылга түзүлгөн эмес.

***Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустары боюнча аймактык бөлүмдөрү тарабынан тарабынан*** Соцфонддун райондук башкармалыктарынын бюджетти аткарышынын аудитинин жыйынтыктары боюнча болгону **681,2 миң сомго** бузуулар белгиленген.

Алардын ичинен, Соцфонддун Баткен РСФБ бюджетинин кирешесине 201,1 **миң сом** (аудиттин жүрүшүндө калыбына келтирилген), Лейлек РСФБ 263,2 миң сомго, анын ичинен аудиттин жүрүшүндө Соцфонддун бюджетине 183,4 миң сом калыбына келтирилген, Аксы РСФБ- 1,9 миң сомго, Ноокен РСФБ -50,3 миң сомго, Токтогул РСФБ-48,4 миң сомго, Чаткал РСФБ- 14,7 миң сомго камсыздандыруу төгүмдөрү кошумча эсептелген.

Алай РСФБда кызматкерлердин эмгек акысына кошумча төлөөгө-4,2 миң сомго ашыкча төлөм жүргүзүлгөн, Чоң-Алай РСФБ эмгек акысы 9,0 миң сомго, Кадамжай РСФБ 4,2 миң сомго негизсиз төлөнгөн.

«Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008- жылдын 26 августундагы № 471 токтому бузулуп Алай РСФБда иш сапар

чыгымдары 3,3 миң сомго, в Чоң-Алай РСФБда 13,1 миң сомго, Кызыл-Кыя ШСФБда 13,9 миң сомго, Кадамжай РСФБда 6,8 миң сомго (аудиттин жүрүшүндө калыбына келтирилген), Ала-Бука РСФБда 4,1 миң сомго ашыкча төлөнгөн.

Кызыл-Кыя ШСФБда **27,0 миң сомго** товардык-материалдык баалулуктарды негизсиз эсептен чыгаруу белгиленген, ошондой эле **10,4 миң сомго** 260 литр күйүүчү майларды ченемден ашыкча чыгымдарына жол берилген.

Кара-Көл РСФБда «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортту азайтуунун эсебинен мамлекеттик бюджеттин каражатын үнөмдөө боюнча чаралар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011 жылдагы 30 декабрындагы № 767 токтому бузулуп күйүүчү майларды 4,3 миң сомго 113,6 литр эсебинде чектен ашыкча чыгымдарына жол берилген.

Тогуз-Торо РСФБда пенсияларды чектөө боюнча 1,3 миң сомго ашыкча төлөм аныкталып, аудиттин жүрүшүндө өндүрүлгөн жана СФ кирешесине киргизилген.

«Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптары бузулуп Алай РСФБ КММ, запастык тетиктерди сатып алуу жана башка чыгымдар электрондук мамлекеттик сатып алуулардын веб порталына жарыялабастан жүргүзүлгөн, Кара-Көл РСФБда тендер өткөрбөстөн «Транспорттук чыгымдардын» беренеси боюнча 210,8 миң сомго чыгымдар жүргүзүлгөн, Ала-Бука РСФБда тендер өткөрүлбөстөн 321,8 миң сомго сатып алуулар жүргүзүлгөн.

## КОРУТУНДУ

**1.** 2016-жылга Соцфонддун бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча Түп РСФБдө жер участокторунун ээлерин-төлөөчүлөрдү жетишсиз эсепке алынышынын натыйжасында - 164,1 миң сом (аудит жүргүзүлгөн учурда өндүрүлбөгөн сумманын калдыгы 146,3 миң сомду түздү) камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүшүнөн табылган резервдери боюнча тийиштүү иштерди жүргүзүү боюнча 3.1-пунктча жарым жартылай аткарылды.

2015-жылга Социалдык фондунун бюджетинин аткарылышына аудиттин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктун 2-пунктунун 6-пунктчасы, Ысык-Ата РСФБнүн балансында турган баланстык наркы 30,5 миң сом административдик имаратка карата маселелерди чечүү боюнча чараларды көрүү бөлүгү аткарылган эмес.

2-пункттун 4-пунктчасынын программалык камсыздоону иштеп чыгуу жана иштөөсүн аяктоо жана МСБ «Eleed» электрондук базасына маалыматтарды киргизүү бөлүгү аткаруунун үстүндө.

**2.** Социалдык фонддун 2017-жылга баштапкы бюджети кирешелер боюнча 45937501,1 миң сом суммасында жана чыгымдар боюнча 45935664,0 миң сом суммасында жана каражаттардын 1837,1 миң сом сумма профицитинде бекитилген. Такталган көрсөткүчтөр чегине жеткен 1656 003,1 миң сом суммасында профицитте, кирешелер боюнча 48144991,4 миң сом суммасын жана чыгымдар боюнча – 46488988,3 миң сом суммасын түздү. Кирешелер 2207490,3 миң сомго жана чыгымдар 553324,3 миң сомго бюджеттин көбөйүү тарабына такталган.

**3.** Социалдык фонддун 2017-жылдагы бюджетинин киреше бөлүгүнүн жалпы көлөмү, жылдын башындагы калдыкты эске алганда 48911956,0 миң сомду түздү же бекитилген бюджеттен 766964,5 миң сомго көп, аткарылышы 101,6 пайызды түздү.

**4.** 2017-жылдын жыйынтыктары боюнча республиканын бюджеттик уюмдары тараптан жалпы суммасы камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча **131617,4 миң сомго** ашыкча төлөндү, алардын ичинен республикалык бюджеттин бюджеттик уюмдарынын эсебинен **100377,1 миң сомго**, жергиликтүү бюджеттердин эсебинен **31240,4 миң сомго**.

Бюджеттик кодекстин 106-беренесинин 10-пунктун бузуу менен жылдын аягында тиешелүү бюджеттердин эсебине которулууга жаткан пайдаланылбаган бюджеттик каражаттардын калдыктары Социалдык фонддун райондук башкармалыктарынын эсептерине ашыкча төлөм катары которулган.

**5.** 2017-жылга бюджеттик мекемелерден камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүүсү 9083600,0 миң сомго бекитилген, же 2017-жылдын бекитилген көрсөткүчүнөн четтөөсү 2016-жылдын иш жүзүндөгү түшүүлөрүнө салыштырганда **1492082,0 миң сомду** түздү же бекитилген план 14 пайыздык пунктка төмөндөгөн**.**

**6.** 2017-жылга КР Социалдык фондунун бюджетин түзүүдө **5025,0 миң сомго** башка төлөмдөрдөн болжолдонгон түшүүлөр эске алынган эмес.

**7.** 2017-жылдын жыйынтыгы боюнча пенсиянын орточо өлчөмү 334 сомго өскөн жана 5412 сомду түзгөн, пенсиянын орточо өлчөмүнүн пенсионерлердин жашоо минимумуна катышы 123,2% түздү.

**8.** 2018-жылдын 1-январына карата республикалык бюджеттин Социалдык фондуна болгон карыздары 349 079,1 миң сомду түздү.

**9.** 2018-жылдын 1-январына карата Социалдык фонддун Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна карыздары 111 835,1 миң сомду жана Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондуна 18 359,6 миң сомду түздү.

**10.** 2018-жылдын 1-январына карата камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча өндүрүлүүгө жаткан карыздар финансылык санкцияларды эске алуу менен - 3 227 994,6 миң сомду түздү.

**11.** «Eleed» программасынын системасында «Туум» автоматтык эсептөө үчүн атайын иштелип чыккан төлөөчүлөрдүн камсыздандыруу төгүмдөрүн өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн туумдарды жана финансылык санкцияларды эсептөөдө адам факторун катыштырбаган функционал Социалдык фонд тарабынан кигизилген эмес.

**12.** Соцфонддун региондук башкармалыктары тарабынан жүргүзүлгөн текшерүүлөрдүн талдоосу Свердлов РСФБ боюнча текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча бир текшерүүгө кошумча эсептелген сумма 1766 сомду, Ысык-Ата району 295 сом, Кочкор району -500 сом, Сузак району -19 сом, Таш-Көмүр шаары -55 сомду көрсөттү.

Көрсөтүлгөн фактылар Соцфонддун адистеринин ишкердик субъекттерине жүргүзгөн текшерүүлөрүнүн сапатын жана эффективдүүлүгүн жогорулатуу боюнча иштери жетишсиз экендиги тууралуу кабар берип турат.

**13.** 2018-жылдын 1-январына карата Соцфонддун бириктирилген балансында **2 103,9 миң сомго** камсыздандыруу төгүмдөрүнүн эсебине алынган материалдык баалуулуктар турат, алар боюнча азыркы тапта материалдардын ордун толтуруу же сатуу боюнча тийиштүү иштер жүргүзүлбөй келет.

**14.** «Дан-Азык» ААКнын кредиторлору тараптан буудай данын сактоо боюнча көрсөтүлгөн кызматтар үчүн насыялык карыздарды кайтаруу боюнча азыркы убакка чейин кайрылуу же талаптар болгон эместигин эске алып, ушул аудиттин жүрүшүндө **412,5 миң сом** аталган суммасы Соцфонддун кирешесине эсептелген.

**15.** 2016-жылдын жыйынтыгы боюнча «Электр станциялары» ААК, «Кыргызстан УЭС» ААК жана «Жалал-Абад электр» ААК 2016-жылдагы финансылык иштердин жыйынтыктары боюнча **151665,6 миң сом** жалпы эсептешүү суммасында дивиденддер эсептелген эмес жана төлөнгөн эмес.

**16.** 2017-жылдын жыйынтыгы боюнча **131352,5 миң сом** жалпы эсептешүү суммасында акциялар боюнча дивиденддер эсептелген эмес жана төлөнгөн эмес, анын ичинде «Электрические станции» ААК 127554,6 миң сомго, «Джалал-Абад электро» ААК- 602,0 миң сомго, «Востокэлектро» ААК-3195,9 миң сомго.

**17.** Айрым Акционердик коомдордун акциялары боюнча дивиденддер акыркы жылдарда түшпөй калгандыгын акциялар пакетинен түшкөн кирешелердин талдоосу көрсөттү. Ошентип «Электрические станции» ААК акциялары боюнча дивиденддер 2014-жылдан бери төлөнгөн эмес, ушуну менен бул коомдун Социалдык фондго тийиштүү акцияларынын жалпы наркы 583386,1 миң сом, «НЭС Кыргызстана» ААК 2015-жылдан бери төлөнбөйт, бул жерде акциялардын жалпы наркы 210239,3 миң сомду түзөт, «Ошэлектро» ААК 2014-жылдан бери төлөнбөйт, акциялардын жалпы наркы - 22346,4 миң сом, «Джалал-Абад электро» ААК, «Северэлектро» ААК, «Востокэлектро» ААК 2015-жылдан бери төлөнбөйт, акциялардын жалпы наркы 90135,2 миң сомду түзөт.

**18.** 2018-жылдын 1-январына карата буудай данын сатууга жана жаңылоого юридикалык жана жеке жактарга берилген буудайдын дебитордук карыздарынын калдыгы 68575,9 миң сомду түздү, анын ичинде эсептелген туумдар - 7529,1 миң сом. Социалдык фонд тарабынан 2004-2008-жылдары сатууга жана жаңылоого берилген буудай боюнча карыздарды өндүрүү иштери жетишсиз жүргүзүлгөн. Мисалы 2017-жылы Социалдык фонддун аккумуляциялык эсебине 53,2 миң сом же жалпы карыздын 0,08% түшкөн.

**19.** Келишимде каралган «Akforta» ЖЧК карата айыптык санкциялар Соцфонд тарабынан колдонулган эмес, алар 2018-жылдын 8-июлуна карата **146,5 миң сомду** түзөт.
**20.** Социалдык фонддун райондук жана шаардык башкармалыктарындагы аудиттин жүрүшүндө камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчүлөргө 405,9 миң сом кошумча эсептелген, анын ичинде шаардык СФБ жана райондук СФБ:

- Тоң 15,6 миң сомго (аудиттин жүрүшүндө орду толтурулган), Нарын - 37,8 миң сомго, Кочкор 25,2 миң сомго, Ак-Суу -121,5 миң сомго, Түп -205,8 миң сомго.

**21.** Камсыздандыруу төгүмдөрүн өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн туумдар 732,5 миң сом эсептелген, анын ичинде:

- Балыкчы ШСФБ 109,6 миң сом суммасында, Каракол ШСФБ -156,2 миң сомго, Ленин РСФБ- 276,1 миң сомго (18,5 миң сом аудиттин жүрүшүндө төлөнгөн), Аламедин РСФБ -56,1 миң сомго, Ысык-Ата -25,6 миң сомго, Москова РСФБ – 36,6 миң сомго, Нарын РСФБ -72,3 миң сомго.

**22.** «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренесинин 4-пунктун бузуу менен 2017-жылы сатып алуу жол-жоболорун колдонбостон административдик башкаруу чыгымдар жана Өнүктүрүү фондунун чыгымдар сметасынын эсебинен товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр сатылып алынган, анын ичинде:

Кара-Суу РСФБ -336,8 миң сомго, Араван РСФБ - 292,8 миң сомго, Ленин РСФБ – 95,6 миң сомго, Октябрь РСФБ -74,1 миң сомго, Балыкчы ШСФБ - 56,7 миң сомго, Тоң РСФБ - 6,9 миң сомго, Ак-Суу РСФБ - 48,0 миң сомго, Каракол ШСФБ - 65,0 миң сомго, Түп РСФБ - 25,1 миң сомго.

**23.** «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 26-беренесин бузуу менен Тоң РСФБ, Жети-Өгүз РСФБ, Ленин РСФБда конкурстук документацияны түзүүдө, сатып алуу жол-жоболорун жүргүзүүдө конкурстук өтүнмөнүн Кепилдик камсыздоосун берүү жөнүндө шарттар белгиленген эмес.
**24.** Ак-Суу району боюнча 2017-жылдын 31-декабрына карата Соцфондго чегерүүлөр боюнча **314,8 миң сомго** дебитордук карызга (ашыкча төлөм) жол берилген.
**25**. Каракол ШСФБ боюнча Өнүктүрүү фондунун сметасынын эсебинен жалпы суммасы 6,8 миң сомго же 188 литрге күйүүчү майлар лимиттен ашыкча колдонууга жол берилген.
**26.** Ленин РСФБ боюнча жүргүзүлгөн оңдоо иштеринин жыйынтыгы боюнча «Бекбото строй» ЖЧК директорунун атынан подрядчы кол койгон жалпы суммасы 170,9 миң сомго аткарылган иштердин актысы бар, ошол эле учурда заказчынын өкүлдөрүнүн колдору коюлган эмес.
**27.** Октябрь РСФБ боюнча «Кыргыз Республикасынын министрликтеринин, администрациялык ведомстволорунун жана башка мамлекеттик органдарынын штаттык санынын чеги жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 22-августундагы № 473 токтомунун ченемдерин бузуп штаттан сырткары жумушчуларга 92,5 миң сом төлөнгөн.

**28.** 2017-жылдын 1-январына карата Сокулук РСФБ боюнча жер үлүшүнө камсыздандыруу төгүмдөрүн карызы 55452,9 миң сомду түздү. 2017-жылдын ичинде иш жүзүндө камсыздандыруу төгүмдөрү 2016-жыл үчүн - 2624,3 миң сом кошумча эсептелди. 2017-жыл үчүн жер үлүшүнө камсыздандыруу төгүмдөрүнүн эсептери жүргүзүлгөн жок, анткени Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматында «АиТи-сервис» ММ программасы толук иштелип чыккан эмес *(ушуну менен камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчүлөргө 21,8 миң сомго туум эсептелген).*

Иш жүзүндө 2017-жылдын ичинде камсыздандыруу төгүмдөрү 7571,0 миң сомго түшкөн. Алардын ичинен мурдагы жылдар үчүн – 6115,9 миң сом түштү. Жылдын аягына бардык карыз 50506,3 миң сом суммасын түздү.

**29.** «Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 26-статьясын бузуу менен, Ош мамлекеттик университетине камсыздандыруу төгүмдөрүн өз убагында жана толук эмес которулгандыгы үчүн туумдар эсептелген эмес (2018-жылдын 1-январына карата Ош МУ 6293,9 миң сом суммасындагы карыздары бар).

**30.** «Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык жер үлүшүнө ээ дыйкан (фермердик) чарбаларга үстүдөгү жылдын кирешелер планына Ноокат РСФБ боюнча - 1927,9 миң сом жана Араван РСФБ боюнча - 625,0 миң сом кошумча эсептөө жана планга кошуу керек.

**31.** Өзгөн РСФБ боюнча Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун Башкармасынын 2016-жылдын 8-апрелиндеги токтому менен бекитилген « Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун кызматкерлерин сыйлоо жөнүндө» жобосунун 19-пунктун бузуу менен, 2017-жылыдын II кварталынын жыйынтыктары боюнча кирешелер планы аткарылбаган учурда **359,8** миң сомго сый акылар эсептелген.

**32. Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек ш., Чүй, Талас облустары боюнча аймактык бөлүмдөрү тарабынан** Соцфонддун райондук башкармалыктарынын аудитинин, бюджетти аткарышынын жыйынтыктары боюнча **51,4 миң сомго** бузуулар аныкталган. Алардын ичинен Социалдык фонддун Талас РСФБ бюджетинин кирешесине **31,9 миң сом** кошумча эсептелген, Кара-Буура РСФБ боюнча мөөнөтү өткөн карызы үчүн **11,8 миң сом** туум эсептелген. «Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын талаптарын бузуп Кемин РСФБда **2,2 миң сомго** жана Панфилов РСФБда **5,5 миң сомго** пенсияны ашыкча төлөө аныкталган. Аудиттин жүрүшүндө финансылык тартип бузуулар боюнча кайра эсептөөлөр жана төлөмдөр жүргүзүлгөн.

Мындан тышкары Талас РСФБда сатып алуулар боюнча мыйзамдар бузулуп, мамлекеттик сатып алуулар планы 2017-жылга түзүлгөн эмес.

**33. Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустары боюнча аймактык бөлүмдөрү тарабынан тарабынан** Соцфонддун райондук башкармалыктарынын бюджетинин

аткарышынын аудитинин жыйынтыктары боюнча **681,2 миң сомго** бузуулар белгиленген.

Алардын ичинен Социалдык фонддун Баткен РСФБ бюджетинин кирешесине **201,1 миң сом** (аудиттин жүрүшүндө калыбына келтирилген), Лейлек РСФБ 263,2 миң сомго, алардын ичинен аудиттин жүрүшүндө Социалдык фонддун бюджетине 183,4 миң сом калыбына келтирилген, Аксы РСФБ 1,9 миң сомго, Ноокен РСФБ 50,3 миң сомго, Токтогул РСФБ 48,4 миң сомго, Чаткал РСФБ 14,7 миң сомго камсыздандыруу төгүмдөрү кошумча эсептелген.

Алай РСФБда кызматкерлердин эмгек акысына кошумча төлөөгө 4,2 миң сомго ашыкча төлөм жүргүзүлгөн, Чоң-Алай РСФБ эмгек акысы 9,0 миң сомго, Кадамжай РСФБ 4,2 миң сомго негизсиз төлөнгөн.

«Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы № 471 токтому бузулуп, Алай РСФБда иш сапар чыгымдары 3,3 миң сомго, в Чоң-Алай РСФБда 13,1 миң сомго, Кызыл-Кыя ШСФБда 13,9 миң сомго, Кадамжай РСФБда 6,8 миң сомго (аудиттин жүрүшүндө калыбына келтирилген), Ала-Бука РСФБда 4,1 миң сомго ашыкча төлөнгөн.

**Кызыл-Кыя ШСФБда** 27,0 миң сомго товардык-материалдык баалуулуктар негизсиз эсептен чыгаруу белгиленген, ошондой эле күйүүчү майлар 10,4 миң сомго 260 литр ченемден ашыкча чыгымдарына жол берилген. Кара-Көл РСФБда «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортту азайтуунун эсебинен мамлекеттик бюджеттин каражатын үнөмдөө боюнча чаралар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 30-декабрындагы № 767 токтому бузулуп күйүүчү майлар 4,3 миң сомго 113,6 литр эсебинде чектен ашыкча чыгымдарына жол берилген. Тогуз-Торо РСФБда пенсияларды чектөө боюнча 1,3 миң сомго ашыкча төлөм аныкталган, ал аудиттин жүрүшүндө өндүрүлгөн жана Сойфонддун кирешесине киргизилген.

«Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» 2015-жылдын 3-апрелиндеги № 72 Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарын бузуу менен Алай РСФБ күйүүчү майлар, запастык тетиктерди сатып алуу жана башка чыгымдар электрондук мамлекеттик сатып алуулардын веб порталына жарыялабастан жүргүзүлгөн, Кара-Көл РСФБда конкурс өткөрбөстөн «Транспорттук чыгымдар» беренеси боюнча 210,8 миң сомго чыгымдар жүргүзүлгөн, Ала-Бука РСФБда конкурс өткөрүлбөстөн 321,8 миң сомго сатып алуулар жүргүзүлгөн.

**Сунуштар:**

**1.** Аудиттин жыйынтыгын карап чыгып, табылган финансылык тартип бузууларды жана кемчиликтерди четтетүү боюнча жана буга жол берген кызмат адамдарын жоопкерчилигин кароо боюнча чаралар көрүлсүн.

**2.** Болуп өткөн аудиттин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйруктарынын аткарылышы камсыз кылынсын:

2015-жылда төмөнкү бөлүгүндө:
- Ысык-Ата РСФБ балансында турган баланстык наркы 30,5 миң сом административдик имаратка карата маселелерди чечүү боюнча чараларды көрүү.
- программалык камсыздоону иштеп чыгууну жана иштөөсүн, «Eleed» БМС электрондук базасына маалыматтарды киргизүүнү аяктоо.

2016-жылда камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүшү аныкталган резервдеринин фактысы боюнча тийиштүү иштерди жүргүзүү бөлүгүндөгү, Түп РСФБ боюнча төлөөчүлөрдү - жер участокторунун ээлерин жетишсиз эсепке алуунун натыйжасында (146,3 миң сом суммасындагы калдыктын орду толтурулсун).

**3.** Социалдык фонддун алдыдагы финансылык жылдарга бюджетинин долбоору камсыздандыруу төлөмдөрүнүн реалдуу түшүүсүнөн улам түшүүлөрдүн түрлөрү боюнча жылдык өсүштү эске алуу менен иштелип чыксын.

**4.** «Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2018-жылга бюджети жана 2019-2020-жылдарга божомолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүүдө Социалдык фонддун Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна 111 835,1 миң сом карыздары жана Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондуна -18 359,6 миң сом карыздары эске алынсын.

**5.** Дивиденддер эсептелбеген жана төлөнбөгөн акционердик коомдордун акцияларына салынган активдерди эффективдүү колдонуу боюнча чаралар көрүлсүн.

6. Төмөнкүлөр боюнча иштер күчөтүлсүн:
- субъекттердин камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карыздарын белгиленген мөөнөттөрдө жоюу, ошондой эле 2004-2008-жылдагы мезгилде сатууга жана жаңылоого берилген буудай даны үчүн карыздарды өндүрүү боюнча;
- камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчүлөрдүн камсыздандыруу төгүмдөрүн өз убагында төлөбөгөндүгү жана толук эмес которгондугу үчүн райондук/шаардык башкармалыктар тарабынан туумдардын эсептелиши.

**7.** Төлөөчүлөр тараптан камсыздандыруу төгүмдөрүн өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн туумдарды жана финансылык санкцияларды эсептөөдө «Eleed» программасынын системасында «Туум» функционалын киргизүүнү камсыздоо.

**8.** Соцфонддун адистеринин ишкердик субъекттерге жүргүзгөн текшерүүлөрүнүн эффективдүүлүгүнө көзөмөл күчөтүлсүн.

**9.** «Akforta» ЖЧК иштерди өз убагында аткарбагандыгы үчүн туумдардын суммасы **146,5 миң сом** Социалдык фонд менен «Akforta» ЖЧК менен келишимдин шарттарына ылайык өндүрүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**10.** Мамлекеттик сатып алуулар, ошону менен бирге мамлекеттик сатып алуулардын пландарын берүү, сатып алынчу товарларды, иштерди жеткирүү мөөнөттөрүн сактоо жана конкурстук документацияны түзүүдө конкурстук

өтүнмөнүн кепилдик камсыздоосун берүү «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**11.** Төмөнкүлөр боюнча чаралар көрүлсүн:

- Ак-Суу РСФБ -121,5 миң сом, Түп РСФБ - 205,8 миң сом, Нарын - 37,8 миң сом, Кочкор - 25,2 миң сом, Лейлек РСФБ - 79,8 миң сом, Аксы РСФБ - 1,9 миң сом, Ноокен РСФБ - 50,3 миң сом, Токтогул РСФБ - 48,4 миң сом, Чаткал РСФБ - 14,7 миң сом, Талас - 31,9 миң сом камсыздандыруу төгүмдөрүн өндүрүү боюнча;
- камсыздандыруу төгүмдөрүн өз убагында төкпөгөндүгү үчүн туумдар 725,8 миң сом, алардын ичинен Балыкчы ШСФБ 109,6 миң сом суммасында, Каракол ШСФБ -156,2 миң сом, Ленин РСФБ- 257,6 миң сом, Аламедин РСФБ - 56,1 миң сом, Ысык-Ата -25,6 миң сом, Москова РСФБ – 36,6 миң сом, Нарын РСФБ -72,3 миң сом, Кара-Буура РСФБ -11,8 миң сом.

**12.** 2018-жылдын сметасында каржылоону азайтуу:

- Ак-Суу РСФБ «Социалдык фондго чегерүүлөр» беренеси боюнча бөлүнгөн каражаттар Социалдык фондго чегерүүлөр боюнча дебитордук карыздын суммасына 314,8 миң сом;
- Каракол ШСФБ боюнча КММ ченемден ашыкча жол берилген суммасына 6,8 миң сом суммасында;
- Кызыл-Кыя ШСФБ боюнча КММ ченемден ашыкча жол берилген суммасына 10,4 миң сом суммасында;
- Кара-Көлу РСФБ боюнча КММ ченемден ашыкча жол берилген суммасына 4,3 миң сом суммасында.

**13.** Ленин РСФБ боюнча 170,9 миң сомго оңдоо боюнча аткарылган иштердин кабыл алуу актысын жүзөөгө ашыруу жана тариздөө үчүн жумушчу комиссия түзүлсүн.

**14.** Практика токтотулсун:

- «Кыргыз Республикасынын министрликтеринин, администрациялык ведомстволорунун жана башка мамлекеттик органдарынын штаттык санынын чеги жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 22-августундагы № 473 токтомун бузуу менен штаттык жумушчуларды алуу;
- отчеттук мезгилде кирешелер планы аткарылбаганда Соцфонддун кызматкерлерин сыйлоо.

**15.** Үстүдөгү жылда кирешелер планына Ноокат РСФБ боюнча - 1927,9 миң сом, Араван РСФБ боюнча - 625,0 миң сом жана Сокулук РСФБ боюнча Сокулук району боюнча Мамлекеттик салык кызматы менен биргеликте 2017-жылда жер үлүшү үчүн «АиТи-сервис» МИ программасын киргизүү менен кошуп эсептөө жана киргизүү камсыздалсын.

**16.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги министрликтерге, ведомстволорго, бюджеттик каражаттарды бөлүштүрүүчүлөргө, бюджеттик уюмдарга "Социалдык фондго камсыздандыруу төгүмдөрүн чегерүү" беренеси боюнча каржылоодо көзөмөлдү күчөтсүн.

**Аудиттин жыйынтыктары боюнча төмөнкүлөргө жиберилсин:**

- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине, Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратына жана Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешини Катчылыгына – отчет;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө– отчет жана сунуштама;

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине – сунуштама;

- Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна – отчет, жазма буйрук жана сунуштама.